# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ** | МАЙ **2020** | **№ 5 (103) чыгарылышы**


Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

БУЛ САНДА:


## Көңүл чордонунда

Жарандар ЖӨБ органдары тууралуу кандай пикирде? 2020-жылдагы сурамжылоо кандай өзөктүк тыянактарды жасоого жол ачты? ........ 2

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын кабыл алуусу 3

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга кызыгуусу ........ 5

Жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеними ........ 7

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы коррупциянын деңгээли тууралуу пикири ........ 8

## Мыйзамдардагы жаңылыктар

Мамлекеттик сатып алуулар тууралуу. Муниципалдык менчик тууралуу. Жергиликтүү ЧУАны жарыялоо каражаты катары маалымат такталары тууралуу. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы кызматына конкурстун негизинде тандап алуу тууралуу. Айылдык кеңештин төрагасынын эмгек акысы тууралуу. Муниципалдык кызматчыларды окутууга Мамтапшырыкты түзүүнүн мөөнөтүн өзгөртүү жана аны ЖӨБ органдары менен макулдашуу тууралуу. Компьютердик тестирлөөдөн өтүү тартиби өзгөргөнү тууралуу. Айылдык кеңештердеги кызматтардын тизмеги тууралуу. Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын кенже тейлөөчү персоналынын айлык акысы тууралуу. Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана тейлөөлөрдүн инновациялык ыкмаларын киргизүү тууралуу. Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Типтүү нускама тууралуу. Комуз күнү тууралуу ........ 10

## Жергиликтүү демилге

Ийгиликтүү ишке ашырылган жергиликтүү демилге кийинки жергиликтүү демилгенин жолун ачат ........ 17

Кызылсуулуктар ыгын таап, жергиликтүү демилгелерди өнүктүрүүдө ........ 17

Жаштар үйү – жаңы идеялар жана долбоорлор пайда болгон, жаратуу жана өнүгүү үчүн арналган жер ........ 21

Жаштардын жергиликтүү демилгелери коомдук фондго айланды ........ 23

Мурдагы таштанды төкчү жай, азыркы элеттик сейил бак турмуштук энергиянын булагына айланды ........ 25

Жергиликтүү демилге ЖӨБ органы менен жамааттын мамилесин өзгөртүүдө: тирешүүдөн кызматташууга карай жол ........ 27

Кичинекей демилге эбегейсиз чоң паркка айланды ........ 29

Адамдар жергиликтүү демилгелерге ишеним артып, айылдын көйгөйлөрүн ЖӨБ органы менен чогуу чечкенди үйрөнүштү ........ 31



Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,**
бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.



**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31, 32, 33, 34)
**Факс:** (0312) 97-65-29



Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# Жарандар ЖӨБ органдары тууралуу кандай пикирде?

***Надежда ДОБРЕЦОВА,*** "Муниципалитет" журналынын башкы редактору;
***Сабина ГРАДВАЛЬ,*** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары;
***Жамала УМАНКУЛОВА,*** "Erfolg Consult" ЖЧК командасынын лидери»;
***Оңолкан УМАНКУЛОВА,*** "Erfolg Consult" ЖЧК командасынын аналитиги

**ЖӨБ органдарынын жүйөлүү түйшүгү же каталары тууралуу канча айтпайлы, бирок алар канчалык жаман же жакшы иштеп жатканы, жергиликтүү жамааттын көйгөйлөрүн канчалык натыйжалуу жана даана чечкени, шаардагы же айылдагы турмуштун көркүн чыгарганы тууралуу жарандардын да өз пикири бар. Жарандардын бул пикирин изилдеп, жакшылап таанышып чыгып, буларга жооп катары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чечимине түзөтүүлөрдү киргизип туруу – өтө маанилүү иш. Эгерде жергиликтүү саясатчылар – жергиликтүү кеңештердин депутаттары, ЖӨБ органдарынын жетекчилери – калк тарабынан аларга карата мамиленин бул “коомдук температурасын” көз жаздымда калтырышса, коомдун социалдык туруктуулугу коркунуч алдында калат. Ошондой эле улуттук деңгээлдеги саясатчылар да коомдук маанайды түшүнгөнү маанилүү. Себеби дал ошолордон жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата мамилеси көп учурда көз каранды болот. Анткени улуттук саясатчылар ЖӨБ органдары үчүн иш шарттарын түзүшөт. Кыргыз Республикасы 2010-жылы чукул кырдаалды башынан өткөргөн эле. Ошол кезде элдин бийликке карата нааразылыгы көп жерден жергиликтүү бийликтин толук алсыздыгынан улам пайда болгон. Ошол маалда башкаруу барган сайын улам борбордоштурулуп отуруп, жергиликтүү бийликте элдин бакубатчылыгы үчүн иштеп берүүгө ыйгарым укуктары да, каражаты да болгон эмес.**

**Өнүктүрүү саясат институту түрдүү долбоорлордун алкагында жана өз демилгеси менен жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата мамилесин көп жылдардан бери изилдеп келатат. 2020-жылы социологиялык сурамжылоо ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун буйрутмасы боюнча “Erfolg Consult” ЖЧКнын күчү менен өткөрүлгөн. Сурамжылоонун негизинде алынган маалыматтарга анализ “Erfolg Consult” ЖЧКнын жана Өнүктүрүү саясат институтунун биргелешкен күч-аракети менен жасалды. Анализдин жүрүшүндө буга чейин түрдүү долбоорлордун алкагында өткөрүлгөн сурамжылоолор маалында алынган маалыматтар колдонулду. “Муниципалитет” журналынын редакциясы окурмандардын назарына жарандардын 2020-жылы ЖӨБ органдарынын ишине берген баасына арналган макалалардын биринчи сериясын сунуш кылат.**

## 2020-жылдагы сурамжылоо кандай өзөктүк тыянактарды жасоого жол ачты?

- Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине болгон кызыгуусу соңку 15 жылдан бери (баалоо башталган учурдан тартып) жалпысынан туруктуу түрдө жогору бойдон калып келатат. Иш жүзүндө **Кыргызстандын төрт жаранынын ичинен үчөө кайсы бир деңгээлде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине кызыгат.** Бирок 2018-2019-жылдары ЖӨБго болгон кызыгуу бир аз басаңдай түшкөн.
- Кыргызстандыктардын басымдуу бөлүгү жамааттагы жашоо шартын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине байлабайт жана өзүнө гана ишенишет. Бирок **ар бир бешинчи жаран ЖӨБго карата оптимисттик маанайда**, ЖӨБ органында жамааттын турмуш шартына таасирин тийгизүү мүмкүнчүлүгү бар деп ишенет. Атүгүл дээрлик 12 пайызы ЖӨБдүн өнүгүү келечеги бар болгонуна ишенет.
- Жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата оптимисттик маанай жана көңүл калуу жергиликтүү бюджеттердин жыйынды көлөмүнүн динамикасына байланыштуу болуп чыкты: **жергиликтүү бюджеттердин кирешеси канчалык төмөн болсо, жарандардын көңүл калуу жана кыжырдануу сезими ошончолук көбүрөөк болот**. Тескерисинче, бюджеттин кирешеси жогору болсо, мындай терс сезимдер да болбойт. Жергиликтүү бюджеттердин көлөмү өскөн жок, ал эми адамдардын арасында ЖӨБго карата “оптимизм” жана “шыктануу” өңдүү позитивдүү эмоцияларды сезгендердин үлүшү дээрлик эки эсе азайды. Ошол эле учурда “көңүл калуу” жана “кыжырдануу” өңдүү терс эмоцияларды сезгендердин үлүшү 2,5 эсе көбөйдү.
- **Жарандардын басымдуу бөлүгү** – 75 пайыздан ашыгы – ЖӨБдүн аткаруучу органынын

жетекчиси – **мэр же айыл өкмөт башчысы ким болгонун билишет**. Бирок шаардын мэри же айыл өкмөт башчысы ким болгону тууралуу жарандардын маалыматы бар болгон көп жылдан берки көрүнүш токтоп калды.

- Жарандар ЖӨБ органдарынын иши тууралуу маалыматты расмий каналдардан алууну туура көрүшөт, **ошентип ушак-айыңдар бара-бара популярдуу болбой калды**.
- Жарандардын мамлекеттик бийликтин аткаруу органдарына караганда ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээли салттуу түрдө жогору бойдон кала берүүдө. 2020-жылы **ЖӨБдүн аткаруу органдары – мэриялар жана айыл өкмөтү калктын ишеним рейтингинде төртүнчү орунду ээлеген**. Алгачкы үч орунда билим берүү системасы, куралдуу күчтөр жана диний институттар турат. Жергиликтүү кеңештер калктын ишеним деңгээлине көп деле ээ эмес жана ишеним рейтингинде жетинчи орунду ээлейт.
- Жарандар жергиликтүү кеңештердин депутаттарына азыркыдан да жогору квалификациялык талаптар коюлсун дешет. Респонденттердин басымдуу бөлүгү – 94 пайызы – мэрдин же башчынын кызматына талапкерлерге, ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаттарына коюлган талаптар жогору болушу керек деп эсептейт.
- Жарандардын жергиликтүү дептутаттарды шайлоонун партиялык принцибине карата мамилеси да олуттуу түрдө өзгөрдү: сурамжылоого катышкандардын 44 пайызы жергиликтүү кеңештер партиялык белгиси боюнча түзүлбөшү керек деп эсептейт. Бирок жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун партиялык принцибин колдогондордун үлүшү 2018-жылдан бери эки эсе көбөйүп, 2020-жылы 35 пайыздан ашык болду.
- ЖӨБдүн аткаруу органдары менен өз ара байланышка толук же жарым-жартылай канааттанган жарандардын үлүшү мурдагыдай эле жогору бойдон кала берүүдө жана 75,5% түзөт. Башкача айтканда, **Кыргыз Республикасынын төрт жаранынын ичинен үчөө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине кандайдыр бир деңгээлде ыраазы**.
- **Ар бир үчүнчү жаран ЖӨБ органдарында коррупция жок деп эсептейт**. Мындай пикирди кармангандардын саны туруктуу түрдө көбөйүүдө. Айталы, 2018-жылдан баштап ЖӨБ органдарында коррупция жок деп ишенген жарандардын үлүшү дээрлик жети эсе көбөйгөн. ЖӨБ органдарында жемкорлуктун деңгээли жогору деп эсептегендердин үлүшү 2,5 эсе азайган. Ал эми ЖӨБ органдарында коррупциянын деңгээли өтө жогору деп эсептегендердин үлүшү үч эсе азайган.

## Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын кабыл алуусу


Жарандардын ЖӨБ органдарын кабылдоосу алардын жергиликтүү жамааттардагы турмуш шарттарынын өзгөрүү динамикасына карата мамилесин да чагылдырып турат. Ошол эле маалда жарандардын ЖӨБ органдарына карата эмоциялары ЖӨБ органдарынын иши канчалык элдин үмүтүн актады же актаган жок деген пикирди чагылдырат. Бул көрсөткүч ЖӨБ органдарынын жамааттардагы турмушту жакшы жагына өзгөртө алуу жөндөмдүүлүгүнө болгон ишенимдин болуп-болбогонун көрсөтүп турат. Сурамжылоо маалында респонденттерге ЖӨБ органдарына карата кандай эмоцияларды сезээрин тандап алуу сунушталган. Тизмеде төмөнкү эмоциялар бар болчу: оптимизм, шыктануу, аёо, көңүл калуу, кыжырдануу жана эч бир эмоция жок.

Жарандардын үчтөн бири ЖӨБ органдарына карата эч кандай эмоцияларды сезбей турганы белгилүү болду. Бул болсо көпчүлүк адамдар жамаагтагы жашоо шарттарын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине байланыштырбаганынан, өзүнө гана ишенгенинен кабар берет. Калгандардын пикири болсо эки ача чыкты. Айталы, ар бир бешинчи адам ЖӨБго карата оптимисттик маанайда жана муну менен ЖӨБ органынын жамааттагы жашоо шартка таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ишенишет. Дээрлик 12 пайызы ЖӨБдүн өнүгүү келечегинен көптү күтөт. Бирок сурамжылоого катышкандардын төрттөн бири ЖӨБго карата терс эмоцияларды сезет: 14% - кыжырдануу, дээрлик 8 пайызы – көңүл калуу. Ал эми сурамжылоого катышкандардын 8,2 пайызы ЖӨБ органдарына боору ооруйт. Бул респонденттер ЖӨБ органдарынын кыйынчылыктарын иш жүзүндө түшүнүп турушат жана алардын “колу-буту тушалуу” болгонун баамдашат.


ЖӨБдөн көңүлү калгандарга салыштырмалуу ЖӨБ органдарына карата оптимисттик маанайдагы жарандар дайыма басымдуу көпчүлүктү түзүп келгени менен, акыркы алты жылдан бери терс динамика байкалууда.

Оптимизм жана шыктануу өңдүү позитивдүү эмоцияларды сезгендердин үлүшү дээрлик эки

***1-диаграмма. 2020-жылы жарандардын ЖӨБ органдарына карата сезген эмоциялары, пайыздар менен***



***2-диаграмма. Жарандардын ЖӨБ органдарын позитивдүү жана негативдүү кабыл алуу динамикасы, 2015-2020-жылдар, пайыздар менен***




эсе азайды. Ал эми көңүл калуу жана кыжырдануу өңдүү терс эмоцияларды сезгендердин үлүшү 2,5 эсе көбөйдү. Муну бир чети дагы бир жагдай менен түшүндүрсө болот: жылдан жылга жарандардын ЖӨБ органдарынан күткөнү жана суроо-талабы өсүүдө, муну менен катар жашоодон негизинен эле көптү күткөндөр да көбөйүүдө. Экинчи жагынан ЖӨБ органдарынын жарандардын муктаждыктарын толук канааттандыруу мүмкүнчүлүгү чектелүү болууда. 2-диаграммада 2018-жылы ЖӨБго карата оптимизм жана шыктануу күч болгонун белгилебей койсок болбой калат. Бул жылы ЖӨБдөн позитивдүү күтүү сезими жарандардын 66% болгон. Бул – рекорддук жогорку көрсөткүч. Бул көрүнүштү ошол жылы болгон окуя менен байланыштырсак болот: мамлекеттик саясат аймактарды өнүктүрүүгө багытталган (КР Президенти өлкө тарыхында биринчи жолу 2018-жылды Аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыялаган эле). Бирок адатта саясатта боло жүргөндөй эле, үмүттөр реалдуу жыйынтыктарга караганда алда канча жогору болду. 2020-жылы ЖӨБго карата оптимисттик маанайдын эки эсе азайып кетишин ушуну менен түшүндүрсө болот. Жарандар КР Президенти жана КР Өкмөтү берген убадаларды ЖӨБ органдарынан талап кыла баштаганда алар бул үмүттөрдү толук актай албай, мындан улам позитивдүү маанай терс жагына өзгөрдү – ЖӨБдөн көңүлү калган жана кыжырданган жарандардын үлүшү эки эсе өстү.

Бирок ЖӨБ органдары бир топ чектөөлөрдүн шартында иш алып барышат жана улуттук деңгээлдеги саясатчылардын бардык убадаларынын аткарылышы үчүн жоопкерчилик ала алышпайт. Эң негизги чектөө – бул ыйгарым укуктардын чөйрөсү жана алардын аткарылышын каржылоо маселеси. Бул жагынан алып караганда жарандардын ЖӨБ органдарына карата терс эмоцияларынын динамикасын жергиликтүү бюджеттердеги кирешелердин динамикасы менен салыштыруу көп нерсени көрсөтүп берет.


3-диаграмма ЖӨБго карата терс эмоцияларды сезген жарандардын үлүшү менен жергиликтүү бюджеттердин жыйындык көлөмү ортосунда байланыш бар болгонун чагылдырып турат: жергиликтүү бюджеттердин кирешеси канчалык төмөн болсо, жарандардын көңүл калуу жана кыжырдануу сезими ошончолук көбүрөөк болот. Тескерисинче, бюджеттин кирешеси жогору болсо, мындай терс сезимдер да болбойт.

***3-диаграмма. ЖӨБ органдарына терс эмоцияларды сезген жарандардын үлүшүнүн динамикасы жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин динамикасы, 2015-2020[1]-ж.ж..***





[1] Жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин жыйынды көлөмү 2020-жылы жазында Кыргыз Республикасынын бюджети кыскаргандан кийин план боюнча чыгарылат.

***4-диаграмма. 2006-жылдан[1] 2020-жылга чейинки мезгилде жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине болгон кызыгуусунун динамикасы, пайыздар менен***




[1] 2006-жыл үчүн маалымат шаарлардын жашоочуларын сурамжылоодон алынды жана элеттиктердин пикири эсепке алынган эмес.

***5-диаграмма. Өткөн жылга салыштырмалуу шаардагы, аймактагы же айылдагы жашоо шарттарына берилеген баа, пайыз менен***





## Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга кызыгуусу


Жарандардын ЖӨБ органдарынын ишине карата кызыгуусу акыркы 15 жылдан бери (баалоо башталган учурдан бери) жалпысынан туруктуу түрдө жогору бойдон кала берүүдө. Иш жүзүндө Кыргызстандын төрт жаранынын үчөө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине кайсы бир деңгээлде кызыгат. Аны менен катар бир жактуу кызыккандар көп деле кызыкпагандарга караганда дайыма 1,5-2 эсе көп болчу. Ошол эле маалда 2012-жылга чейин жарандардын кызыгуусу туруктуу түрдө өсүштү көрсөтүп турган: 2006-жылы 73% болсо, 2012-жылы 89 пайызга чейин болгон. 2012-жылдан кийин ЖӨБ маселесине кызыгуу жай, бирок туруктуу түрдө азайып отуруп, 2020-жылы 74% түздү. Мамлекеттик башкаруу практикасы көрсөткөндөй, эгерде адамдардын маселелери чечилбей жатса же начар чечилсе, жарандардын башкаруу системасына болгон кызыгуусу күчөйт. Ошондуктан 2011-жылы эки деңгээлдүү бюджеттик системанын киргизилгенин 2012-жылдан кийин жарандардын кызыгуусунун азайышынын бир себеби катары караса болот. Мындай бюджеттик система ЖӨБ органдарына жергиликтүү бюджеттерди башкарууда эгемендикти кайтарып берген, бул болсо алардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө болгон финансылык жөндөмдүүлүгүн күчөткөн.

Мындан тышкары карама-каршы гипотеза да бар. Ага ылайык, жарандардын башкаруу институттарына болгон кызыгуусу ишеним деңгээлинин

***6-диаграмма. ЖӨБдүн аткаруу органдарынын жетекчилери тууралуу жарандардын кабардар болгондук деңгээлинин динамикасы, пайыздар менен***



***7-диаграмма. 2020-жылы жарандардын башкаруу жана өнүгүү институттарына болгон ишеним деңгээли, он баллдык шкала боюнча. Бул жерде 10 балл ишенимдин эң жогорку деңгээлин көрсөтүп турат***





төмөндөшү менен кошо азайган. Мындай учурда адамдар бийлик жашоону жакшы жагына өзгөртүүгө жөндөмдүү болгонуна ишенбей калышат жана башкарууга катышып, убактысын да, күчүн да коротуусу келбейт. Бирок Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкарууга карата алып карасак, жарандардын ЖӨБго болгон ишеним деңгээли туруктуу түрдө жогору бойдон кала берүүдө (6-диаграмманы караңыз). Ошондуктан жер-жерлерде кырдаал оңоло баштаганы үчүн кызыгуу азайды деген биринчи түшүндүрмө жүйөлүү болуп турат. Анын үстүнө 2020-жылы жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары кырдаал оңолгонун тастыктап турат. Айталы, респонденттер өз шаарындагы, аймактагы же айылдагы жашоо шарттары өткөн жылдарга салыштырмалуу оңолгонун белгилешкен.

Мындан тышкары, ЖӨБ органдарына кызыгуу деңгээлинин төмөндөшү дагы бир жагдайга байланыштуу болушу мүмкүн: адамдар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иши тууралуу жетиштүү маалыматка ээ. Айталы, жарандардын басымдуу бөлүгү – 75 пайыздан ашыгы ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчиси – мэри же айыл өкмөт башчысы ким болгонун билишет. Бирок көп жылдан бери жарандардын шаардын мэри же айыл өкмөт башчысы ким болгону тууралуу маалымдуулугунун өсүш тенденциясы басаңдай түштү. Себеби 2018-жылга салыштырмалуу 2020-жылы муниципалитеттин жетекчиси ким экенин ишенимдүү түрдө айта алган жарандардын үлүшү 8 пайызга төмөндөдү. Мындай 8 пайыздык төмөндөө жергиликтүү кеңештердин депутаттары тууралуу кабардар болгондукка карата белгиленген. Бул төмөндөөнүн терс факт катары баалоого болбойт. Себеби кабары барлардын 76% – бул өтө жогорку көрсөткүч. Жарандар ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчисин түз шайлабаганын эсепке алуу менен, бир жагдайды так айтса болот: түз шайлоо системасы киргизилген учурда мыкты жүргүзүлгөн шайлоо өнөктүгүнөн кийин жеңип чыккан жергиликтүү лидерди калктын 90, атүгүл 100%, анын ичинде балдар да таанып калат. Ушундай шартта гана бул көрсөткүчтө өсүш болот.

ЖӨБ органдарынын иши тууралуу жарандар колдонгон маалымат булактарына жасалган анализ көрсөткөндөй, барган сайын адамдардын тандоосу өзгөрүүдө. Мурда эң популярдуу маалымат булагы бейформал болчу – адамдар маалыматты достордон, туугандардан жана кесиптештерден алышчу. Бирок 2020-жылы популярдуулугу боюнча биринчи орунда адам көп чогулган жерлер – базарлар, жармаңкелер, чогулуштар болуп калды. Бул тизмеде ЖӨБ органдары атайын жайгаштырган расмий маалыматтар да бар. Айталы, 2020-жылы маалымат алуунун негизги булагы катары досторду, туугандарды жана кесиптештерди көрсөткөн адамдардын үлүшү эки эсе кыскарган: 2018-жылы мындайлар 38 пайыз болсо, 2020-жылы 16,7 пайызды түзгөн. Ошондой эле маалыматты эл көп чогулган жерден (базарлардан, жармаңкелерден) алган жарандардын үлүшү да көбөйүүдө: 2018-жылы 8,5% болсо, 2020-жылы 20,2% бол-

***8-диаграмма. Жалпысынан бийлик институттарына болгон ишеним деңгээлинин орточо маанисине салыштырмалуу жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлинин динамикасы, он баллдык шкала боюнча. Бул жерде 10 балл ишенимдин максималдуу деңгээлин билдире***




гон. Ошондой эле маалыматты түздөн-түз ЖӨБ органдарынан алган жарандардын үлүшү да көбөйүүдө: 2018-жылы ЖӨБ органдарынан маалымат алгандар 4,7% болсо, 2020-жылы 6,1 пайызды түздү. Ошентип ЖӨБ органдарынын иши тууралуу маалымат булактарын тандаганда жарандар расмий булактарга артыкчылык берүүдө, муну менен ушаң-айыңдар бара-бара актуалдуулугун жоготууда. Жарандар текшерилген маалымат булактарына таяна баштады. Бул болсо маалыматты кабыл алууда сынчыл маанай күчөгөнүн тастыктап турат.

## Жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеними

Жарандардын мамлекеттик бийликтин аткаруу органдарына караганда ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээли салттуу түрдө жогору бойдон кала берүүдө. 2020-жылы ЖӨБдүн аткаруу органдары – мэриялар жана айыл өкмөтү калктын ишеним рейтингинде төртүнчү орунду ээлеген. Алгачкы үч орунда билим берүү системасы, куралдуу күчтөр жана диний институттар турат. Жергиликтүү кеңештер калктын ишеним деңгээлине көп деле ээ эмес жана ишеним рейтингинде жетинчи орунду ээлейт.

ЖӨБдүн аткаруучу жана өкүлчүлүктүү органдарына болгон ишеним деңгээлиндеги айырманы бир нече фактор менен түшүндүрсө болот. Биринчиден, жарандар жергиликтүү кеңештердин депутаттарын жалпысынан өтө жогору эмес деңгээлде баалашат жана аларга көбүрөөк квалификациялык талаптар коюлсун дешет. Экинчиден, жергиликтүү депутаттарды шайлоодо партиялык принципке ишенбестик көз көрүнөө билинип турат. Сурамжылоого катышкандардын 44,2 пайызы жергиликтүү кеңештер партиялык белгиси боюнча түзүлбөшү керек деп эсептейт. Бирок бул пикир бардык жерде эле бирдей эмес.


***9-диаграмма. Жергиликтүү кеңештер партиялык принцип менен түзүлүшүн колдогон жарандардын динамикасы, 2015-2020-жылдар, пайыз менен***




Мисалы, жергиликтүү кеңештер партиялык тизме менен түзүлүшү керек деп эсептегендердин эң көп үлүшү Ош облусуна туура келет – 46,9%. Ал эми Талас облусунда мындай пикирди карманган респонденттердин үлүшү болгону 12,4 пайызды түзөт. Калган облустарда бул көрсөткүч 28% – 33 пайызга чейин болгон.

Жарандардын бийликке болгон ишеним деңгээлине жалпысынан 2018-жылы башкаруу системасына карата ишенимдин жогорулашы таасирин тийгизди. Бул жылы аймактарды өнүктүрүү саясатынан үмүт чоң болуп турган. 2018-жылдан кийин бардык институттарга болгон ишенимдин деңгээли төмөндөп кеткен. Өзгөчө билим берүү системасына (1,16 пунктка) жана Жогорку Кеңешке (0,69 пунктка) болгон ишеним азайды. 2012-жылдагы жыйынтыктарга салыштырмалуу, жергиликтүү өз алдынча башкарууга болгон ишеним жалпысынан башкаруу системасына караганда жайыраак түшүүдө. Айталы, 2020-жылы башкаруу системасына болгон ишенимдин деңгээли 0,6 пунктка, мэрияларга жана айыл өкмөттөрүнө 0,4 пунктка, жергиликтүү кеңештерге 0,5 пунктка түшкөн.

***10-диаграмма. Саясий партиялардын жергиликтүү кеңештердин ишине таасир тийгизүүнүн түрлөрү тууралуу жарандардын пикири, 2018-жыл жана 2020-жыл, пайыз менен***



***11-диаграмма. ЖӨБ органдары тарабынан коррупциялык белгилер билинген чөйрөлөрдүн рейтинги, 2020-жыл, пайыздар менен***




Респонденттердин басымдуу бөлүгү – 94% мэрдин же башчынын кызматына, ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерге коюлуп жаткан талаптар жогору болушу керек деп эсептешет. ЖӨБдүн аткаруу органынын башчысын эл өзү түз шайлоо аркылуу тандашы керек деп эсептеген адамдардын үлүшү 2018-жылга салыштырмалуу 13,4 пайызга көбөйдү. Жарандардын 90,4 пайызы ушундай пикирди карманат.

ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдарына – жергиликтүү кеңештерге байланыштуу айта турган болсок, партиялык фактор терс таасирин тийгизүүдө деген ойдо болгон жарандар бир аз жумшарды. 2020-жылы жарандардын олуттуу бөлүгү – 44% жергиликтүү кеңештерди түзүүнүн партиялык принцибин колдобосо да, 2015-жылга салыштырмалуу партиялык принципке макул болгон жарандардын саны 2,5 эсе көбөйдү. Мындай тенденцияны бир жагдай менен түшүндүрсө болот: жергиликтүү кеңештер менен аткаруу органдарынын өз ара мамилеси жалпысынан калыбына келди, тирешүүлөр азайды, мамилелери конструктивдүү нукка түштү. Ошондой эле партиялык принципке карата бир жактуу пикирин айта албаган адамдар да азайып жатат. Буга, балким, элдин партиялык системанын маңызын түшүнө баштаганы себеп болушу мүмкүн.

Саясий партиялардын жергиликтүү кеңештердин ишине таасир этүү факторуна карата да маанай өзгөрүүдө. Саясий партиялар жергиликтүү кеңештин ишине толугу менен же жарым-жартылай таасир этет деп эсептеген респонденттердин үлүшү азайды. Мындай респонденттердин үлүшү 2020-жылы 40,5 пайызды түздү. Бул болсо, 2018-жылга салыштырмалуу 11,5 пайызга аз дегенди билдирет.

Жалпысынан респонденттердин жоопторунун мүнөзү бир нерсени тастыктап турат: алардын баамында, соңку эки жылдын ичинде айыл өкмөтүнүн ишине көзөмөлдү күчөтүү жагынан алып караганда саясий партиялардын таасири позитивдүү болуп калды. Бирок жергиликтүү кеңештин калк менен өз ара байланышынан алып караганда өзгөргөн жок, атүгүл көбүрөөк негативдүү мүнөзгө ээ.


Буга карабастан ЖӨБдүн аткаруу органдары менен өз ара байланышка толугу менен же жарым-жартылай канааттанган жарандардын үлүшү мурдагыдай эле жогору бойдон кала берүүдө – 75,5 пайызды түзөт. Башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын төрт жаранынын үчөө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ишине кайсы бир деңгээлде канааттанат. Бирок 2018-жылга салыштырганда бул көрсөткүч 5,5 пайызга азайды. Жергиликтүү кеңештер менен өз ара байланышка канааттанган жарандардын үлүшү да жогору бойдон калууда. Бирок мэриялар жана айыл өкмөттөрү менен салыштырганда төмөнүрөөк. Жергиликтүү кеңештер менен өз ара байланышка ыраазы болгондор 69,5% түзсө, мэрия жана айыл өкмөттөрүнүн ишине канааттангандар 75,5 пайызды түзөт.

Алынган маалыматтар жарандардын ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээли бир кыйла жогорку деңгээлде кармалганын тастыктоодо (15 уюм жана институттар кирген рейтингде төртүнчү жана жетинчи орунду ээлейт). Мамлекеттик башкаруу органдарына болгон ишеним деңгээлине караганда ЖӨБго карата ишеним деңгээли да мурдагыдай эле жогору бойдон кала берүүдө. ЖӨБ органдарына болгон ишеним деңгээлинин бир аз азайышы бир нече факторго байланыштуу болду. Биринчиден, жарандардын жалпысынан бийликке болгон ишеними азайды. Экинчиден, калк жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын жана муниципалдык кызматчылардын квалификациясына канааттанбай турат. Мындан тышкары эл жергиликтүү шайлоонун партиялык системасына ишенбейт. Жергиликтүү кеңештерге салыштырмалуу ЖӨБдүн аткаруу органдары – мэриялар жана айыл өкмөттөрү менен өз ара байланышка канааттануу жогору болгону менен, келечекте жарандардын басымдуу бөлүгү ЖӨБдүн аткаруу органынын жетекчилерин түз шайлагысы келет.

## Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы коррупциянын деңгээли тууралуу пикири

Мамлекеттик органдарга салыштырмалуу ЖӨБ органдарына карата жарандардын ишеним деңгээли жогору болгону жергиликтүү деңгээлдеги

***12-диаграмма. Мэрияда жана айыл өкмөтүндө коррупциянын деңгээли тууралуу респондент-тердин пикири, 2012-2020-жылдар, пайыздар менен***




коррупциянын деңгээлине карата пикири менен да тастыкталууда. Айталы, ар бир үчүнчү жаран ЖӨБ органдарында коррупция жок деп эсептейт. Мындай пикирди кармангандардын катары туруктуу түрдө калыңдап баратат. Айталы, 2008-жылдан бери ЖӨБ органдарында жемкорлук жок деп эсептеген жарандардын үлүшү дээрлик жети эсе көбөйгөн. ЖӨБ органдарында коррупциянын деңгээли жогору дегендердин үлүшү 2,5 эсе азайган. Ал эми ЖӨБ органдарында коррупциянын деңгээли өтө жогору дегендер үч эсе азайган.

Респонденттердин баамында, ЖӨБ органдарынын ишинде жерлерди, бюджетти башкаруу жана аз камсыздалгандардын тизмесине кошуу өңдүү чөйрөлөрдө коррупция байкалат. 4-диаграммада көрүнүп тургандай, акыркы эки жылдын ичинде аз камсыздалгандардын тизмесине кошуу процессинде коррупцияны байкагандардын саны эки эсе өскөн – 9,75 пайыздан 21,4 пайызга чейин. Муну жөлөкпул алгандардын саны көбөйгөнү менен түшүндүрсө болот. Себеби мыйзам боюнча, жөлөкпул алууга укукту аныктап жатканда пенсияны үй-бүлөлүк кирешеден чыгарып салышкан. Мындан улам жаңы “кардарлар” да көбөйдү, түшүнбөстүктөр жана шектенүүлөр арбыды. Бирок 2019-жылы мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилген. Аларга ылайык, аз камсыздалган, балалуу үй-бүлөлөргө ай сайын берилчү жөлөкпулду сурап жарандар адегенде ЖӨБ органдарына эмес, социалдык өнүктүрүү боюнча райондук башкармалыкка кайрылышат. Мындан улам аз камсыздалгандарды тизмеге кошуу боюнча бардык процедура социалдык өнүктүрүү боюнча райондук башкармалык аркылуу жүргүзүлүп калды. Ал эми ЖӨБ органдары бул процесстен чыгарылган. Ошентип иш жүзүндө коррупцияга шектенүү ЖӨБ органдарына эмес, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга багытталды.

Ошондой эле жарандар коррупция сууну башкаруу чөйрөсүндө күч алганын байкашууда. Бирок бул жерде да ЖӨБ органдары курмандыкка чалынгандай болуп жатат. Себеби ушул учурда көпчүлүк муниципалитеттерде ичүүчү жана сугат суу боюнча кызмат көрсөтүүнү ЖӨБ органдары эмес, СПА жана ТСКАКБ өңдүү коомдук уюмдар жеткиришет. Бирок мыйзамдарга ылайык, бул кызмат көрсөтүү үчүн соңку жоопкерчилик баары бир ЖӨБ органдарына жүктөлгөн. Ошондуктан жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруудан шектенгенин кандайдыр бир деңгээлде түшүнсө болот. Бирок кызмат көрсөтүүнү жогоруда айтылган уюмдардын башкаруусуна өткөрүп берүү тууралуу чечимди ЖӨБ органдары эмес, өкмөт кабыл алган.

Коррупцияга шектенүүнү ЖӨБ органдарына түз даректөө маалымкаттарды берүүгө карата маселеде гана жүйөлүү десе болот. Себеби бул функцияны жергиликтүү өз алдынча башкаруу гана аткарат. Жерди башкаруудагы коррупцияга шектенүү ЖӨБ органдары (калктуу конуштардын ичиндеги муниципалдык жерлерге карата; жеке турак жай куруугa жер берүүгө карата; АЖМФ жерлерин бөлүштүрүүгө карата); жайыт комитеттери (жайыт билеттерине карата) жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар (жерлерди трансформациялоо процессине карата) ортосунда бөлүштүрүлгөн.

Жалпысынан, жергиликтүү деңгээлде коррупция ресурстарды – жерди, сууну башкарууда, ошондой эле мамлекеттик жөлөкпулдарды бөлүштүрүүгө байланышкан маселелерде көбүрөөк байкалууда деп эсептеген жарандар көбөйдү. Бирок бюджетти башкаруу жана мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө ЖӨБ органдары таза иштей баштады деген жарандардын да катары калыңдады.

***Изилдөөнүн башка жыйынтыктары “Муниципалитет” журналынын кийинки сандарында жарыяланат.***

# МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

Түрмөктү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун юристи
**Нуржан МАМЫРАЛИЕВА** даярдады

## Жергиликтүү ЧУАны жарыялоо каражаты катары маалымат такталары тууралуу

***КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 4-мартындагы №124 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Токтому.***

Бул Токтом КР Өкмөтүнүн айрым чечимдерин 2019-жылдын 8-августундагы №115 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маселелери боюнча айрым ченемдик актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына шайкеш келтирүү максатында кабыл алынды. Токтом менен КР Өкмөтүнүн бир катар ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр киргизилди.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө" Токтомуна өзгөртүү киргизилди. Мындан ары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары тарабынан аныкталган атайын көрүнүктүү жерлер (такталар, стенддер) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын, ошондой эле ченемдик укуктук актыларды чыгарууга ыйгарым укуктуу болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоонун булактарынын бири болуп эсептелинет.

## Мамлекеттик сатып алуулар тууралуу

***2020-жылдын 20-апрелиндеги №48 «"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу"» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине жана 21-беренесине өзгөртүүлөр киргизилди.***

Эгерде буга чейин ички берүүчүлөр тарабынан Кыргыз Республикасында өндүрүлгөн товарларды сатып алганда сатып алуучу уюм берилүүчү товарларга продукциянын коопсуздугун жана сапатын ырастаган зарыл сертификаттар болгон учурда, конкурстук табыштамаларды баалоодо сунушталган баага 20 пайызга чейин жеңилдиктерди берүүгө милдеттүү болсо, эми жеңилдиктер фиксацияланып, 20 пайыздан аз боло албайт (4-берене).

Ошондой эле эгерде сатып алуулардын предмети Кыргыз Республикасынын ички подрядчылары аткаруусу мүмкүн болгон жумуштар болсо, жеңилдиктер фиксацияланган болот. Эми ички подрядчы жергиликтүү эмгек ресурстарын кемин-

де 70 пайыз жана жергиликтүү чийки заттарды жана материалдарды кеминде 30 пайыз пайдаланган шартта, сатып алуучу уюм ички подрядчыларга 20 пайыз көлөмүндө (мурда 20 пайызга чейинки өлчөмдө болчу) жеңилдиктерди берүүгө милдеттүү.

21-берененин 4-бөлүгүнүн 6-пункту жаңы редакцияда мындай болот: "токтоосуз калыбына келтирүүнү талап кылуучу форс-мажордук жагдайлардын, өзгөчө кырдаалдардын (өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин локалдаштыруу жана (же) жоюу), тез медициналык кийлигишүү зарыл болгон авариянын кесепеттерин локалдаштыруу үчүн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алганда". Ушул берененин 4-бөлүгүнүн 20-пункту жаңы редакцияда мындай болду: "ички товар өндүрүүчүлөрдөн товарларларды сатып алганда, бул товарлар Кыргыз Республикасынын аймагында толугу менен өндүрүлүп же жетиштүү түрдө иштетилип/кайра иштетилген болушу керек, мында сапаттын улуттук стандарттарына ылайык өткөнү тууралуу тийиштүү сертификат болууга тийиш. Стандарттардын тизмегин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт. Ошону менен катар товарлардын баасы монополияны жөнгө салуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча аныкталат".

# Муниципалдык менчик тууралуу

***2020-жылдын 6-мартындагы №24 «"Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө"» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-1-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизди.***

Буга чейин муниципалдык мүлктү менчиктештирүүнүн усулдарын колдонуу Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жөнүндө мыйзамдарында каралган тартипте жүзөгө ашырылып келген. Эми муниципалдык мүлктү менчиктештирүү усулдарын колдонуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу тартипте жүргүзүлөт. Башкача айтканда, муниципалдык мүлктү менчиктештирүү үчүн Өкмөт жаңы жоболорду кабыл алат, ал жоболор муниципалдык мүлктү мамлекеттик мүлктөн өзүнчө менчиктештирүүнүн тартибин жана усулдарын жөнгө салат.

# Айылдык кеңештин жооптуу катчысы кызматына конкурстун негизинде тандап алуу тууралуу

***КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 4-мартындагы №124 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Токтому.***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы №706 "Мамлекеттик жарандык кызматты жана муниципалдык кызматты уюштуруу маселелери жөнүндө" Токтому өзгөрдү. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматында жана муниципалдык кызматында конкурс өткөрүүнүн жана кызматка көтөрүлүүнүн тартиби жөнүндө Жобого өзгөртүүлөр киргизилди. Бул өзгөртүүлөргө ылайык, калкынын саны 6001 адам жана андан жогору болгон айыл аймактарындагы айылдык кеңештин жооптуу катчысын конкурстук тандоо үчүн түзүлгөн айылдык кеңештин комиссиясынын төрагасы болуп айылдык кеңештин депутаты эсептелинет, аны тийиштүү айылдык кеңеш анык-

тайт. Райондук маанидеги шаарларда, калкынын саны 6001 адам жана андан жогору болгон айыл аймактарында тиешелүү түрдө шаардын мэриясынын жана шаардык кеңештин, айыл өкмөтүнүн жана айылдык кеңештин биргелешкен конкурстук комиссиясы түзүлөт. Калкынын саны 6001 адам жана андан жогору болгон айыл аймактарындагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы кызмат ордуна конкурстук тандоону өткөрүүнү уюштуруучулук камсыздоо тиешелүү айыл өкмөтүнүн аппаратына жүктөлөт.

# Айылдык кеңештин төрагасынын эмгек акысы тууралуу

***КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 4-мартындагы №124 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Токтому.***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Токтому өзгөрдү. Айылдык кеңештин төрагасынын кызмат акысына кайталанмалуулук коэффициенти 2,7 көлөмүндө бекитилди (калкынын саны 20001 адам жана андан жогору болгондо). Ошондой эле айыл өкмөтүндө, айылдык кеңештерде (калкынын саны 6001 адам жана андан жогору болгондо) жана райондук маанидеги шаарлардын шаардык кызматтарында иштеген мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын эмгек акысын эсептөө үчүн колдонулган түзөтүүчү коэффициенттер бекитилди.

# Муниципалдык кызматчыларды окутууга Мамтапшырыкты түзүүнүн мөөнөтүн өзгөртүү жана аны ЖӨБ органдары менен макулдашуу тууралуу

***КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 4-мартындагы №124 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Токтому.***

2014-жылдын 11-августундагы №462 "КРнын мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларын окутуу маселелери жөнүндө" КР Өкмөтүнүн токтому өзгөртүлдү. "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларын жана муниципалдык кызматчыларын окутууга мамлекеттик тапшырык жөнүндө" Жобого өзгөртүүлөр киргизилди. Ага ылайык, эми КР Мамлекеттик кадр кызматы мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларды окутууга Мамтапшырыктын долбоорун түзөт, аны мамлекеттик органдар жана ЖӨБ органдары менен макулдашып, кийинки жылга Мамтапшырыкты бекитүү жөнүндө чечимдин долбоорун КР Өкмөтүнө жиберет. Азырынча Мамтапшырыктын долбоорун ЖӨБ органдары менен макулдашуу кантип ишке ашаары аныктала элек. Бирок мындай макулдашуу ЖӨБ органдарынын бирикмеси – КР ЖӨБ Союзу аркылуу ишке ашат деп божомолдосо болот. Ошондой эле Мамтапшырыкты түзүү мөөнөттөрү да өзгөрдү. Буга чейин Мамлекеттик кадр кызматы кийинки жылга Мамтапшырыктын долбоорун түзүп, КР Өкмөтүнө ушул жылдын 15-апрелинен кеч эмес мөөнөттө жиберчү. Эми болсо мурдагы жылдын 1-октябрынан кеч эмес жиберет деп өзгөрдү. Ошону менен катар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен Мамтапшырыктын долбоорун макулдашуу иштери азырынча жасала элек.

# Компьютердик тестирлөөдөн өтүү тартиби өзгөргөнү тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 16-мартындагы №157 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Токтому.***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 29-декабрындагы №706 "Мамлекеттик жарандык кызматты жана муниципалдык кызматты уюштуруу маселелери жөнүндө" Токтому өзгөрдү. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматында жана муниципалдык кызматында конкурс өткөрүүнүн жана кызматка көтөрүлүүнүн тартиби жөнүндө Жобого өзгөртүүлөр киргизилди.

Компьютердик тестирлөөдөн өтүүнүн тартиби өзгөрдү, дилбаяндын ордуна талапкердин кесипке байланыштуу инсандык сапаттарын аныктоого багытталган үчүнчү этап кошулду. Административдик мамлекеттик бош кызмат орундарын жана административдик муниципалдык бош кызмат орундарын ээлөөгө талапкерлерди тестирлөө тартиби жөнүндө Жобого киргизилген өзгөртүүгө ылайык, административдик мамлекеттик бош кызмат орундарын жана административдик муниципалдык бош кызмат орундарын ээлөөгө талапкерлерди тестирлөө үчүн тестирлөөнүн төмөнкү түрлөрү колдонулат:

1) жалпы мыйзамдарды билүүгө тестирлөө (негизги тест); компьютердик тестирлөөнүн жалпы мыйзамдарды билүү этабынан өтүүдө 50 пайыздан кем эмес балл алган талапкерлерге компьютердик тестирлөөнүн предметтик мыйзамдарды билүү этабына катышууга уруксат берилет.
2) предметтик мыйзамдарды билүүгө тестирлөө; компьютердик тестирлөөнүн предметтик мыйзамдарды билүүсүнөн өтүүдө 50 пайыздан кем эмес балл алган талапкерлерге кесиптик жактан маанилүү жеке сапаттарын аныктоо үчүн компьютердик тестирлөө этабына катышууга уруксат берилет.
3) талапкердин кесиптик маанилүү жана жеке сапаттарын аныктоо үчүн тестирлөө.

Компьютердик тестирлөөнүн бардык этаптары боюнча натыйжаларын кошуу жолу менен аныкталуучу эң жогорку балл алган бир талапкер аңгемелешүү этабына киргизилет.

Аңгемелешүү этабында талапкерлердин эссеге даярдануусу алып салынды.

Конкурстук комиссия аңгемелешүүгө катышууга уруксат алган талапкерди бош кызмат ордуна дайындоого сунуштоо жөнүндө чечимди кабыл алат же анын талапкерлигин четке кагат. Мындан тышкары конкурсту өткөрүүнү өзгөртүүгө байланышкан конкурстук комиссиянын иш тартибине өзгөртүүлөр киргизилди.

# Айылдык кеңештердеги кызматтардын тизмеги тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 5-февралындагы №64 "Айылдык кеңештердеги акы төлөнүүчү негизде ээленген кызматтардын тизмегин бекитүү жөнүндө" Токтому.***

2019-жылдын 8-августундагы №115 "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин маселелери боюнча айрым ченемдик актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесин ишке ашыруу максатында айылдык кеңештерде акы төлөнүүчү негизде ээленген кызматтардын төмөнкүдөй тизмеги бекитилди. Айылдык кеңештин бухгалтердик эсебин жана отчеттуулугун айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмү жүргүзөт.

| № | Айылдык аймактардагы калктын саны | Кызматтардын аталышы | |
|---|---|---|---|
| | | Төрага | Жооптуу катчы |
| 1 | 6001 адамдан ашык | - | 1 |
| 2 | 20001 адамдан ашык | 1 | 1 |
| | Баары | 1 | 2 |

# Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын кенже тейлөөчү персоналынын айлык акысы тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 5-февралындагы №65 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Токтому.***

Мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттарын өркүндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 23-январындагы №22 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жөнүндө" Токтомуна өзгөртүүлөр киргизилди.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кенже тейлөөчү персоналынын кызматтык маяналары кайрадан бекитилди. Киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, автомобиль айдоочуларына ченемге салынбаган жумуш күнүндө айдоочу катары иш жүзүндө иштеген убактысы үчүн кызматтык маянасынын өлчөмүнөн 25 пайыз өлчөмүндө үстөк акы төлөнөт. Кароолчуга түнкү убакта иштегендиги үчүн сааттык тарифтик ставка өлчөмүнөн 50 пайыз өлчөмүндө кошумча акы төлөө белгиленет.

Тиешелүү кызматтык маянасынын өлчөмүнөн кесиптик чеберчилиги үчүн: 4-разряддагы жумушчуларга – 15 пайыз, 5-разряддагыларга – 20 пайыз жана 6-разряддагыларга - 25 пайыз дифференциялаган үстөк акы белгиленет.

Жеңил автомобиль айдоочусунун кызматтык маянасы адистин кызматтык маянасынан 15% кем белгиленет.

Кызматтык имараттарды, коомдук даараткаларды тазалоочуларга синтетикалык жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен иштегендиги үчүн кызматтык маяналарына 25% чейинки өлчөмдө үстөк акы белгиленет.

# Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана тейлөөлөрдүн инновациялык ыкмаларын киргизүү тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 25-февралындагы №113 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана тейлөөлөрдүн инновациялык ыкмаларын киргизүү боюнча «Мамлекет платформа катары» пилоттук долбоорун ишке ашыруу жөнүндө” токтому.***

Кыргыз Республикасында колдонуучуга багытталган санариптик платформаларды жана тейлөөлөрдү ишке киргизүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин 2018-жылдын 14-декабрындагы №2 чечими менен жактырылган «Санарип Кыргызстан 2019-2023» санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитетине төмөнкү иштер тапшырылды:

- 2020-жылдын 11-мартынан 31-декабрына чейинки мезгилде "Мамлекет платформа катары" пилоттук долбоорун ишке ашырсын;
- пилоттук долбоорду ишке ашыруу жана пилоттук долбоордун алкагында жеткиликтүү болгон кызмат көрсөтүүлөрдү жана тейлөөлөрдү санариптик формада пайдалануу мүмкүндүгү жөнүндө калк арасында түшүндүрүү жана маалымат берүү иштерин жүргүзсүн;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүчү мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча), ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар жана мекемелер менен бирдикте ушул токтомду ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн.

Ушул эле токтом менен пилоттук долбоорду ишке ашыруу мезгилине төмөнкүлөр бекитилди:

1) Мамлекеттик санариптик платформа аркылуу санариптик формадагы кызмат көрсөтүүлөрдүн жана тейлөөлөрдүн убактылуу тартиби;
2) Мамлекеттик санариптик платформа аркылуу санариптик формадагы кызмат көрсөтүүлөргө жана тейлөөлөргө суроо-талап берген колдонуучуларды техникалык колдоонун убактылуу тартиби.

# Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Типтүү нускама тууралуу

***КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы №120 “Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Типтүү нускама жөнүндө” токтому.***

Кыргыз Республикасынын мекемелеринде жана уюмдарында иш кагаздарын уюштурууну өркүндөтүү жана заманбап маалыматтык технологияларды пайдалануу менен документ жүгүртүүнү камсыз кылуу максатында КР Өкмөтү Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын жаңы редакциясын бекитти. Кабыл алынган Токтом менен министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге, административдик ведомстволорго, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (макулдашуу боюнча), мамлекеттик жана муниципалдык ишканаларга жана мекемелерге төмөнкү иштер тапшырылды:

- иш кагаздарын Типтүү нускамага ылайык жүргүзүшсүн;
- мекеменин түзүмүндө мекеменин архивине жооптуу кызматкердин кызмат ордун камтыган иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын функциясы бар бөлүмдү штаттык санынын чегинде карашсын.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Архив агенттиги жана анын аймактык органдары иш кагаздарын жүргүзүүнү уюштуруу жана Типтүү нускаманы иш жүзүндө колдонуу боюнча министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге, административдик ведомстволорго, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (макулдашуу боюнча), менчигинин түрүнө карабастан уюмдарга жана ишканаларга методикалык жактан жардам көрсөтүү тапшырылды. Ошондой эле иш кагаздарын жүргүзүү боюнча колдонмолорду иштеп чыгуучулар аларды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Архив агенттиги менен макулдашууга милдеттүү экендиги белгиленди.

Типтүү нускаманын 5-главасы электрондук документтер менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрүн сүрөттөйт:

"80. Электрондук документтер электрондук документ жүгүртүүнүн бирдиктүү системасында (мындан ары – ЭДЖБС) түзүлөт, иштелип чыгат жана сакталат. Эсепке алуу бирдиги болуп ЭДЖБСда катталган электрондук документ саналат.

81. Электрондук документтерди кабыл алуу, каттоо жана жөнөтүү иш кагаздарды жүргүзүү кызматы тарабынан ишке ашырылат.

82. Электрондук документтерге кол коюуда электрондук санариптик кол тамга колдонулат. Колдонуучу кол тамга Кыргыз Республикасынын санариптик кол тамга чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте сертификатталынышы керек.

Электрондук документтерди мекеменин ЭДЖБСда кароодо жана макулдашууда электрондук документтердин кыймыл-аракетин ырастаган ыкмалар колдонулушу мүмкүн. Мындай учурларда электрондук кол тамга коюу талап кылынбайт.

83. Аткарылган электрондук документтер ЭДЖБС иштеринин бирдиктүү типтүү номенклатурасына ылайык иштерге системалаштырылат. Иштердин номенклатурасын түзүүдө алар электрон-

дук түрдө түзүлүп жаткандыгы белгиленет.

Электрондук документтер аткарылгандан кийин белгиленген тартипте кагаз түрүндөгү ушул сыяктуу документтер үчүн каралган мөөнөттүн ичинде сакталууга тийиш. Электрондук иштерди (электрондук документтерди) сактоо үчүн белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин аларды жок кылуу үчүн бөлүү жөнүндө мекеменин жетекчиси бекиткен актынын негизинде аталган электрондук иштер (электрондук документтер) башкаруу документтеринин сактоо мөөнөттөрү көрсөтүлгөн тизмесине ылайык автоматташтырылган режимде жок кылынат.

84. Электрондук колтамганы текшерүү (мындан ары – электрондук колтамганын аныктыгын текшерүүнүн оң натыйжасы) жол-жоболору өткөрүлгөндөн кийин электрондук колтамга каражаттарын пайдалануу менен электрондук колтамганын тууралыгын ырастоо (аныктоо) алынган учурда электрондук документ автоматташтырылган режимде алгачкы иштеп чыгууга жатат.

85. ЭДЖБСда электрондук документти алгачкы иштеп чыгуу автоматташтырылган режимде ишке ашырылат жана электрондук документтин бардык реквизиттерин текшерүүнү камтыйт.

86. Электрондук документтин бардык реквизиттерин жана бүтүндүгүн автоматташтырылган режимде текшерүү аяктагандан кийин иш кагаздарын жүргүзүү кызматынын кызматкери электрондук документти каттайт, андан кийин электрондук документке ЭДЖБСда автоматташтырылган режимде кириш каттоо номери ыйгарылат.

87. Электрондук документтерди системалаштыруу жана эсепке алуу үчүн кириш каттоо номерин ыйгарууда Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан бекитилген Башкаруу органдарынын мамлекеттик классификатору пайдаланылат.

88. Электрондук документке ЭДЖБСда кириш каттоо номери ыйгарылгандан кийин автоматташтырылган режимде электрондук документтин кириш каттоо номерин, каттоо датасын, чыгыш каттоо номерин көрсөтүү менен маалыматты жиберүүчү (аткаруучу/лар жана электрондук документке кол койгон адам) жөнүндө белги коюлат.

89. Эгерде ЭДЖБСде автоматташтырылган режимде ушул Типтүү нускаманын 90-пунктунда каралган маалыматтар көрсөтүлбөсө электрондук документ алынбай калган болуп эсептелет.

90. Электрондук документти жөнөтүү алдында автоматташтырылган режимде анын туура таризделгендиги (электрондук документте милдеттүү реквизиттердин болуусу) текшерилет, анын ичинде электрондук колтамганы текшерүү жол-жоболору жүргүзүлөт.

Эгерде автоматтык режимде текшерүү жол-жобосунун жүрүшүндө электрондук колтамганын дал келбестиги аныкталса, электрондук документ жиберилбейт.

91. ЭДЖБСда электрондук документтерди эсепке алууну жүргүзүү жана аткарууну контролдоо тийиштүү түстөгү маркалоосу менен аткаруучуларга эскертүү жиберүү аркылуу автоматташтырылган режимде жүзөгө ашырылат.

92. ЭДЖБСда электрондук документтерди аткаруу мөөнөтү кагаз жүзүндөгү документтерди аткаруу мөөнөттөрүнө дал келет.

93. Убактылуу сактоо мөөнөтүндөгү электрондук документтер алар түзүлгөн, жөнөтүлгөн же алынган форматта (салынган файлдарга тийиштүү), тиешелүү электрондук документтердеги бир убакта түзүлгөн электрондук колтамганы сактоону камсыз кылуу менен сакталат.

Иштердин номенклатурасында 10 жылдан ашык сактоо мөөнөтү (анын ичинде туруктуу сактоо мөөнөтү) каралган электрондук документтерге кол коюу алдында мамлекеттик архив мекемелери электрондук документтин жалпы бөлүгүн (анын ичинде бардык тиркемелерди) Portable Document Format (PDF/A1 же PDF/A2) форматына өзгөртөт.

94. Электрондук документти аткаруу датасы болуп электрондук документке электрондук колтамга коюлган күн эсептелет."

# Комуз күнү тууралуу

***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 10-январындагы №3 "Кыргыз Республикасында Комуз күнүн белгилөө жөнүндө" Токтому.***

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 24-июлундагы №96 "Комуз күнү жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 9-сентябрь – Кыргыз Республикасында жыл сайын белгиленүүчү Комуз күнү деп белгиледи. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына (макулдашуу боюнча) Комуз күнүн майрамдоого арналган иш-чараларды уюштурууну жүзөгө ашыруу тапшырылды.

# Ийгиликтүү ишке ашырылган жергиликтүү демилге кийинки жергиликтүү демилгенин жолун ачат



***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

**Жергиликтүү демилге – бул жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү, алардын бирикмелери, башка жеке жана юридикалык жактар демилгелеген, бир же бир нече жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган идея жана башка демилгелер.**

***Өнүктүрүү саясат институту "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) алкагында жыл сайын "Жергиликтүү демилге" конкурстарын (мындан ары – ЖД Конкурсу) өткөрүп келди. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорун Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги аркылуу (SDC) Швейцария Өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту аткарат. ЖД Конкурсунун негизги максаттары: 1) калкты жамааттын жашоосуна жана жеринде чечим кабыл алуу процессине дагы да жигердүү катышууга шыктандыруу; 2) жергиликтүү демилгелерге дем берип, алар тууралуу маалыматты жайылтуу максатында жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү демилгелерди ишке ашыруу боюнча өзгөчө ийгиликтүү мисалдарды аныктоо; 3) Кыргызстанда ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамааттын өнөктөштүгүндө жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн алдыңкы усулдарын жана жаңы ыкмаларын колдонууга көмөктөшүү. 2012-жылдан 2019-жылга чейинки мезгил аралыгында конкурска 473 өтүнмө түшүп, 154 өтүнмө жалпы суммасы 5 234 500 сомду түзгөн байгелерге ээ болду.***

***Бул макалада ЖД Конкурстарында жеңүүчү деп табылган демилгелердин жыйынтыгы кандай болгонун, алар кантип өнүгүп, элге кандай пайда алып келип жатканын, бул долбоорлордун туруктуулугу жана алардын келечекке карата пландары тууралуу сөз кылабыз.***

***Ар бир окуяда ЖД лидерлери алынган жыйынтык тууралуу маалымат менен бөлүшүп, жабдуу же социалдык объекттерди көрктөндүрүү түрүндө алган байгелерди канчалык натыйжалуу колдонуп жатканын, өз ишинде кандай оң тенденциялар байкалганын, жергиликтүү жамаат болуп жаткан өзгөрүүлөргө кандай реакция жасаганын, булардын тажрыйбасы муниципалитеттин аймагында да, анын тышында да кантип жайылганын айтып беришти.***

***Бул жергиликтүү демилгелер башка долбоорлордун пайда болушуна шарт түзүп, үлгү, мисал катары каралып калды.***

# Кызылсуулуктар ыгын таап, жергиликтүү демилгелерди өнүктүрүүдө



***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

**Ош облусунун Кара-Суу районундагы Кызыл-Суу АА**

Кызыл-Суу айылдык аймагынын алгачкы жергиликтүү демилгеси натыйжалуулук жана туруктуулук жагынан алып караганда эң ийгиликтүү мисалдардын бири боло алат. Себеби бул демилге башка долбоорлордун пайда болушуна шарт түзүп берди. Натыйжада мектепке чейинки билим берүүдөгү көйгөйлөр толугу менен чечилди.

Кызыл-Суу АА ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖД Конкурсуна өтүнмөнү биринчи жолу 2017-жылы тапшырган. “Балдар – биздин келечек” аттуу жергиликтүү демилге 64 талапкердин ичинен биринчи орунду ээлеп, 150 000 сом өлчөмүндө байге утуп алган. Элдин демилгеси боюнча, мектепке чейинки билим берүүчү мекеменин маселеси чечилген. ЮНИСЕФ жана “Ага-Хан” Фонду өңдүү донордук уюмдар бөлгөн 600 000 сомдун, 100 000 сом көлөмүндө демөөрчүлөрдүн салымы жана жергиликтүү жамаат чогулткан 35 000 сом акчанын жардамы менен бир топ иштер жасалган: мектептин ичиндеги бош турган бөлмөлөр ремонттолуп, жабдуулар жана керектүү шаймандар сатып алынып, жаңы балдар аянтчасы курулган. Ошентип “Султанмурат” бала бакчасы ачылып, наристелерди адегенде күн сайын үч саатка кабыл ала баштады. Көп өтпөй толук ишке кирип, балдар 9 сааттык убактысын бакчада өткөрүп калышты. Бала бакча мамлекеттин эсебинен каржыланат. 21 кызматкер үчүн жаңы жумуш орундары ачылып, алар штаттык ырааттамага ылайык эмгек акы алышат. Бул бала бакчада 90 наристе тарбияланат, алардын ичинде ата-энеси чет өлкөдө иштеп жүргөн балдар да бар. Мына ушул демилге 150 000 сом өлчөмүндө байге утуп алган. Байге каражаты кандай пайда алып келди?

Бардык каражаттар эки тайпа үчүн жабдууларды сатып алууга жумшалды: 60 отургуч жана 8 парта, 54 керебет, китеп үчүн 8 шкаф жана оюнчуктар, медайымдын бөлмөсү, методикалык кабинет жана директордун бөлмөсү үчүн эмеректер сатып алынды.

Телегей БОСТОНБАЕВА, бала бакчанын директору: “Бул жаңылануу балдарга жана тарбиячыларга чоң пайда алып келди. Себеби мурда мындай нерселер дээрлик болгон эмес да. Балдардын бир бөлүгү темир керебетте уктаса, калганы диванда уктачу. Бул дивандарды ата-энелер убактылуу колдонууга беришкен. Айрым балдар болсо атүгүл жерде эле уктачу. Балдар ойногон паластар эскирип, китептерди жана оюнчуктарды картон коробкаларга чогултуп койчубуз. Эми ар бир баланын өзүнүн керебети бар, баары партага отурат, китептер жана оюнчуктар шкафтарга тизилген. Бүгүнкү күндө биздин бала бакча бардык нормаларга жана стандарттарга жооп берет, жабдуулар жетиштүү, балдарга жана тарбиячылардын иши үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Мунун баары элеттик балдарга сапаттуу билим жана тарбия берүүгө жол ачууда. Натыйжада балдар көп чыргоолонбой калышты, күн бою ойноп жүрүшөт, билим алышат. Методикалык кабинетте тарбиячылардын жана ата-энелердин чогулуштары өтүп турат. Бардык китептерди жана колдонмолорду шкафтарга тизип койгонбуз. Тарбиячылар өз милдеттерине олуттуу мамиле жасап, билимин өркүндөтүүгө умтулушууда, балдарды заман талабына ылайык тарбиялоо боюнча көбүрөөк китептерди окугусу келет. Ата-энелер да абдан ыраазы. Себеби балдары мектепке барганга чейин эле талаптагыдай билим алып жатышпайбы”.

Буд демилге 2018-жылы өткөн конкурска кайрадан катышты. Бул жолу жергиликтүү демилгенин лидери Телегей БОСТОНБАЕВА санаалаштары менен (бала бакчанын жамааты, тарбияланууучулар жана алардын ата-энелери, ошондой эле ЖӨБ органы жана жергиликтүү жамааттын лидерлери менен) “Каада-салттарды жана тарыхый мурасты сактап калуу” деп аталган өтүнмөнү тапшырышты. Бул демилге балдарды жана жаштарды элдик каада-салттар менен тааныштыруу максатын көздөгөн. Этно-буюмдардын, санжыра тууралуу китептердин жана кол өнөрчүлөрдүн эмгектери коюлган көргөзмөлөр өткөрүлдү. Балдар үчүн этно-костюмдарды тигип бердик, элдик күүлөр жаңырып турду, улуттук тамак-аштар даярдалып, боз үй тиктик. Мындан тышкары элдик каада-салттар менен тааныштырып, дагы бир топ иш-чаралар өткөрүлдү.

Бул демилге ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖД Конкурсунда 25 000 сом өлчөмүндө шыктандыруучу байгеге ээ болду. Майрамдарды сапаттуу уюштуруу үчүн утуп алган акчага демилгечилер балдар үчүн 10 улуттук костюм, үч комуз жана үч ооз-комуз сатып алууну чечишти. Мунун натыйжасында бала бакчада комуз ийрими ачылып, бүгүнкү күндө 30га жакын бала жана тарбиячылар комуз чертken-



ди үйрөнүүдө. Эми бала бакчанын тарбиячылары жана наристелер айылдыктар үчүн концерт коюп калышты. Бала бакчадан чыгып, мектепке барып калгандар болсо айылдагы маданиятты өнүктүрүүнүн алкагында түрдүү конкурстарга жигердүү катышып жүрүшөт. Алар конкурстарда байгелүү орундарды, грамоталарды жана дипломдорду алышууда. Тарбиячылар алардын ийгиликтерине сыймыктанып, ыңгайы келгенде бул балдардын таланты бала бакчада ачылганын белгилешет.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖД Конкурсундагы эки жеңиш аймактын башка активисттерине да дем берди. Айталы, жергиликтүү жамааттын лидери, айылдык кеңештин депутаты Адил ЖАБИЕВ тарапташтары менен 2019-жылы өткөн конкурска катышып, “Суу – бул жашоо” деген жергиликтүү демилгени көтөрүп чыкты. Өтүнмөсүндө демилгечилер таза сууга жеткиликтүүлүк көйгөйү артыкчылыктуу маселе болгонун, аны чечүү үчүн долбоорду





ишке ашырганын баяндап беришкен. Жети адамдан турган демилгелүү топтун жардамы менен, жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБ органдарынын катышуусу менен жаңы суу түтүк тарамы өткөрүлгөн. Узундугу 1,5 км болгон бул системанын жардамы менен айылда 2088 адам таза суу менен камсыздалды. Демилгени ишке ашырууга бөлүнгөн акча мындай болду: демилгечи депутат 8 000 сом берсе, айылдын тургундары 12 500 сом чогултушкан. Буга кошумча АРИС долбоору аркылуу 51 700 сом көлөмүндө инвестиция тартылды. Ал эми бардык жумуштар (траншея казуу, түтүктөрдү төшөө ж.б.) жергиликтүү жамааттын кара күчү менен жасалды. Бул долбоордун жардамы менен жеке турак жайда жашагандарга гана эмес, бала бакчага да таза сууга жетти. Мурда бала бакчанын тарбиячылары жана техкызматкерлери сууну күн сайын алыстан флягалап ташып келүүгө мажбур болсо, азыр суу чыгып, бакчадагы иш шарттары бир кыйла оңолду.



Бул жергиликтүү демилге 35 000 сом көлөмүндө шыктандыруучу байгеге ээ болду. Бул акчаны демилгелүү топ кайрадан эле “Султанмурат” бала бакчасына жумшайын деп чечти: электр меш, палас жана чоң күзгү сатып алышты. Мурда ашпозчулар тамакты сыртта казанга жасаса, эми ашканада ыңгайлуу шарттарда даярдап калышты. Атүгүл түрлөнтүп ысык тамак жана таттууларды да жасап жатышат. Мурда балдар эски, тамтыгы чыккан килемдин үстүндө ойношсо, азыр жаңы, жумшак паласта ойной беришет.

Кызыл-Суу ААнын жергиликтүү демилгелери ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖД Конкурсуна жалпысынан үч жыл катары менен катышты. Үч жолу тең биринчи орунга жана шыктандыруучу байгелерге ээ болушту. Бирок кеп байгеде эмес. Эң негизгиси, жашоочулар жергиликтүү демилгелерге жигердүү катышып, кайсы бир маселени чечүүгө бардык жамаатты, ЖӨБ органдарын, жергиликтүү ишкерлерди тартып, болгон күчтү мобилдештирип, акча каражаты жана элдин эмгек салымы өңдүү ресурстарды бириктире алышты. Бул жалпы айылдык аймакка чоң пайда алып келүүдө. Мунун арты менен жергиликтүү маанидеги маселелер чечилип, айылдагы жашоо да оңоло баштады.

# Жаштар үйү – жаңы идеялар жана долбоорлор пайда болгон, жаратуу жана өнүгүү үчүн арналган жер



***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

## Нарын облусунун Нарын районундагы Учкун АА

2017-жылы Учкун айылдык аймагынын “Ички сугат суу үчүн дамбанын курулушу” аттуу жергиликтүү демилгеси ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖД Конкурсунда экинчи орунду ээлеп, 100 000 сом көлөмүндө байге алган. Айыл жаштарынын демилгеси боюнча ырасым кызматтарын уюштуруу жана өткөрүү үчүн боз үй жана зарыл болгон буюмдарды алуу маселеси чечилди. Башында активист Рыспек ҮСӨНОВ турган айыл жаштарынын сунушу менен чогулуш өтүп, ага ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү, аксакалдар жана жамаат лидерлери катышкан. Чогулушта ар бир үй-бүлөдөн беш таңгактан чөп чогултуп, аны сатып, түшкөн акчага боз үй алуу тууралуу чечим кабыл алынган. Натыйжада 202 үй-бүлө 1010 таңгак чөп чогултуп берди. Аны саткандан кийин түшкөн 80 800 сомго боз үй, титан-самоор жана 50 литрлик суу жылыткыч, дагы башка зарыл буюмдар сатып алынды. Мына ушундай эле ыкма менен дарыянын жээгин суу жеп кеткен көйгөй да чечилди. Суу ташкыны болсо эле элеттиктердин чарбагы жана жер үлүштөрү зыянга учурачу. Бул демилгени жаштардын дагы бир лидери Мирбек КАРАБАЛАЕВ көтөрүп чыккан. Активисттер 114 үй-бүлөдөн чогултулган чөптү сатып, 45 000 сом таба алышты. Буга кошумча жергиликтүү кеңештин депутаттары 10 000 сом берди, ал эми жергиликтүү бюджеттен 30 000 сом бөлүндү. Ошондой эле Нарын райондук өнүктүрүү фонду 105 000 сом бөлүп берди. Чогулган акчанын эсебинен жана курулушка, материалдарды ташып жеткирүүгө, тамактанууну уюштурууга катышкан жаштардын күчү менен дамбанын курулушу да бүттү. Ошентип элеттиктер саткан чөптүн жардамы менен ушундай эки чоң иш жасалды.

100 000 сом көлөмүндө байге алгандан кийин демилгелүү топтун лидерлери пландалган иш-чаралардын алкагында жаштар борбору үчүн зарыл болгон жабдууларды сатып алышты. Жаштар байге катары берилген акчага ноутбук, көп функционалдуу аппарат, монитор, окуу такталарын, музыкалык аспаптарды (комуздарды), волейбол жана футбол топторну, Интернетке кошулуу үчүн роутер сатып алышты. Бул жабдуулардын баары жаштар борборуна орнотулду, ал эми комуздар, топтор жана окуу тактасы мектепке жана бала бакчага өткөрүлүп берилди.

Учкун айылындагы жаштар борбору 2019-жылдын башында жаштардын демилгеси менен түзүлгөн. ЖӨБ органы бош турган имаратты бөлүп берген эле. Элеттик жаштар жана жашоочулар бул имаратты өз күчү менен толук оңдоп чыгышкан.

Башында бул жерде окуу-билим берүүчү борборду ачуу пландалып жаткан. Бул борбордо каалоочуларга орус жана англис тилдерин үйрөтүүчү, укуктук сабаттуулукту жогорулатуучу курстар, комуз черткенди жана манасчылыкка үйрөткөн ийримдер ачылмак. Ошондой эле түрдүү тренингдер жана семинарлар уюштурулуп, өткөрүлмөк. Андан кийин айылдын жаштары окуу борборун Жаштар үйүнө айландырууну чечишти. Ремонт жасалгандан кийин бул имараттын ичин жабдуулар менен толтуруп, иштегенге ыңгайлаштырыш керек эле. Конкурстан жеңип чыккандан кийин бул кыял орундалып, эми имарат толугу менен жабдылган, жаштар бош убактысын ушул жерден өткөрүп, долбоорлорду талкуулап, идеяларды ортого салып, түрдүү иш-чараларды өткөрүп турушат. Алар ноутбукту колдонуп, принтерден каттарды, чакыруу барактарын, кулактандырууларды жана түрдүү документтерди басып чыгарышат. Айылдын жаштары аймактын коомдук турмушуна жигердүү катышып турушат. Ошондуктан кезектеги чогулуштардын биринде жаштар түрдүү багыттагы беш топко биригүүнү чечишти. Ар бир топ кайсы бир маселени ыкчам чечүү максатында ошол багытта гана иш алып барышы керек.

2019-жылдын күзүндө Жаштар үйүндө уюштурулган алгачкы иш-чаралардын бири китептердин көргөзмөсү болуп калды. Бул жерде жаштар мектеп парламенти менен биргелешип “Ар бир адамдан бир китеп” деген ураан алдында демилге көтөрүп чыгышты. Бул демилгенин алкагында жаштар элден 1500 китеп чогултуп, Жаштар үйүндө расмий деңгээлде китеп көргөзмөсүн өткөрүштү. Ошол эле күнү мектептин имаратында чоң конференция да өттү. Бул конференция өсүп келаткан муунду тарбиялоо маселесине арналды. Конференцияга жаштар, окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү, ошондой эле маданият, маалымат жана туризм министринин орун басары Нуржигит КАДЫРБЕКОВ катышты.

Жаштар музыкалык аспаптарды өткөрүп берген мектепте комуз боюнча музыкалык ийрим ачылып, аны клубдун башчысы жетектейт. Бул ийримде 5-9-класстарда билим алган 20дан ашык окуучу комуз черткенди үйрөнүүдө. Ийримди жетектеген мугалимдин айтымында, бүгүнкү күндө балдар ноталарды таанып, элдик күүлөрдү үйрөнүп, “Жаш таланттар” аттуу райондук конкурстарга катышып, байгелүү орундарды, грамоталарды жана дипломдорду алууда. Үч окуу тактасынын бирин жаштар Учкун айылындагы “Раушан” бала бакчасына өткөрүп беришкен. Бул бакчада чоң тайпадагы балдар үчүн сабактар өткөрүлүп турат.



Тил курстарын уюштуруу үчүн Жаштар үйүндө жылытуу маселесин чечиш керек эле. Бул максатта жаштар азыркы учурда каражат издеп жатышат. Буга кошумча уюштуруу иштери да токтобой, жергиликтүү элдин ичинен жогорку билимдүү педагогдор да чыкты. Эми орус, англис жана араб тилдерин акыга үйрөткөн курстардын ишин уюштуруп, алардын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн финансылык планды даярдап чыгыш керек.

Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү чечүү үчүн акча каражатын чогултуу боюнча демилге элеттик жаштар үчүн масштабдуу окуяга айланды. Учкун айылындагы ФАПтын имараты өтө эски, авариялык абалда турат, жылытуу системасы жок, бул имарат дарылоочу мекеменин стандарттарына такыр жооп бербейт. Ошентип ЖӨБ органы инвестор тапты. 2019-жылы декабрда “Ассалам” кайрымдуулук фонду ФАПтын жаңы имаратынын курулушуна 2 миллион сом бөлүп берүүнү чечти. Бирок кошо каржылоо да талап кылынган эле. Буга жергиликтүү бюджетте акча жок болчу. Ошондуктан айылдын жаштары бул маселени Жаштар үйүндө талкуулап, элден акча чогултуу боюнча план түздү. Жергиликтүү демилгенин лидери жана айылдык кеңештин депутаты Мирбек КАРАБАЛАЕВ буларды айтып берди: “Биздин айылда накталай акча чогултуу өтө оор. Ошондуктан бизде салт болуп калгандай, жардамды товар түрүндө чогулттук.

Айылда чөпкө болгон суроо-талап жогору, ошон үчүн буга чейинки ыкманы колдонуп, элден чөп чогултмай болдук. Ал эми чөп ар бир үйдө эле бар да. 2020-жылдын февраль айында айылдын жаштары көчө-көчөгө бөлүнүп, ар бир үй-бүлөдөн үч таңгак чөп чогултуп чыкты. Айрымдар 500 сомдон беришти. Ошентип жалпысынан 600 таңгак чөп чогулду. Чөптү сатkandan кийин 130 000 сом колубузга тийди. Жазында карантиндин айынан ФАПтын көптөн бери күтүлүп жаткан курулушу убактылуу токтоп калды. Бирок карантин бүтөөрү менен ишти кайрадан баштайбыз”.

Ошентип Учкун айылдык аймагынын прогрессивдүү жаштары түрдүү демилгелерди көтөрүп чыгып, көйгөйлөрдү четинен чечип келатышат. Муну менен алар жергиликтүү бийликке да жардам берип, айылын да өнүктүрүүдө. Ал эми талкуу жана жандуу диалог үчүн түзүлгөн аянтча – Жаштар үйү жаңы идеялар жана долбоорлор пайда болгон жерге, жаратмандык жана өнүгүү болгон жерге айланды.

# Жаштардын жергиликтүү демилгелери коомдук фондго айланды



***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

## Чүй облусунун Москва районундагы Александровка АА

2017-жылы Александровка айылдык аймагынын "Жаштардын биримдиги – айылдын өнүгүүсү жана келечеги" аттуу жергиликтүү демилгеси ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖД Конкурсунда үчүнчү орунду ээлеп, 70 000 сом көлөмүндө байге алды. Артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктоо боюнча масштабдуу иштерди жүргүзгөндөн кийин Александровка айылынын жаштары бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн күчүн бириктирүүнү чечишти. Ошентип, жергиликтүү жамааттын лидери Абдулла ШАРИПОВ (айыл старостасы, айылдык кеңештин депутаты) элеттеги жаш активисттердин башын бириктирип, коомдук башкаруу системасын түздү. 150гө жакын адам катышкан жалпы чогулушта жоопкерчиликтүү жаш лидерлер – айылдагы 38 көчөдөн эки адамдан тандалды. Абдулла ШАРИПОВ "Вотсапта" 76 лидер үчүн байланыш тайпасын түзүп, алар өз кезегинде ушундай эле байланышты өз көчөлөрүндөгү жашоочулар менен түзүштү. Мобилдик байланыштын мындай түрү чоң ишке жол ачты: жаштар ЖӨБ органдары менен биргеликте бардык маселелерди жеринде, ар бир көчөдө эле ыкчам чечип жатышат. Бүгүнкү күндө ички жолдор, көчөлөрдү жарыктандыруу, таштанды тазалоо жана чыгаруу өңдүү көйгөйлөр чечилди, бардык көчөлөрдө ыктыярчылар элдик кошуундарды түзүп, көзөмөлдөп турушат. Мындан тышкары айылдын жаштары кайрымдуулукту да унутушкан жок. Алар чөнтөгү жука үй-бүлөлөргө азык-түлүктөн, кийим-кече, бут кийимден жардам берип турушат.

Конкурста утуп алган 70 000 сомго жаштардын чечими менен 20 отургуч, үч кеңсе столу сатып алынды. Бул эмеректи Александровка айылынын Маданият үйүндөгү кенен кабинеттердин бирине алып барышты. Мындай чечим эки себептен улам кабыл алынды. Биринчиден, жаштар лидерлери үчүн өзүнүн "бурчу" керек эле, бул жерде алар пландарды талкуулап алуу үчүн чогулуштарды жана жумушчу жолугушууларды өткөрүп турушат. Экинчиден, айыл өкмөтүнүн имараты тар болгондуктан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлери үчүн кошумча бөлмө керек болчу. Кызматкерлер бул жерде чогулуштарды, тренингдерди, семинарларды жана кеңештин сессияларын өткөрүп турушат. ЖӨБ органы Маданият үйүнүн бир бөлмөсүнө капиталдык ремонт жасоо үчүн

атайын каражат бөлүп берди. Ал эми бул бөлмөгө жаңы эмеректерди киргизишкенден кийин бул жерде жигердүү жана жемиштүү жашоо башталды. Мурда жаштардын лидерлери чогула турганга жер таппай, көчөлөрдө, кафелерде жана соода борборлорунда, же болбосо айыл өкмөтүнүн имаратында кездешчү. Бирок айыл өкмөтүндө деле бош турган кабинет дайыма эле боло бербейт. Эми болсо бардык жолугушуулар ыңгайлуу бөлмөдө өтүп жатат.

"Азыр жаштар лидерлеринин бардык жумушчу жолугушуулары мурдагыдан да сапаттуу деңгээлде өтүп жатат. "Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып", айылдын көйгөйлөрүн ийне-жибине чейин талкуулайбыз, келечекке план түзөбүз, биринчи кезекте чечилиши керек болгон көйгөйлөрдү карап чыгабыз, уюштуруучулук жана финансы маселелерин чечип, кимге, кандай даражада материалдык же азык-түлүк жагынан жардам бериш керектигин, эл аралык турнирлерге аттанган спортчуларды кантип каржыласа болоорун, айтор, толтура маселелерди чечебиз.

Коронавирус пандемиясынан улам карантин башталганда эле жаш лидерлер "Ихляс" коомдук фондун түзүүнү чечишти. Бул фонд калктын аярлуу жана аз камсыздалган катмарына, ардагерлерге, майыптарга жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жардам берүү максатында түзүлдү. Бир нече күндүн ичинде фонддун расмий документтери колубузга тийип, эсеп ачтык. Эки айдан бери өз пландарыбызды ишке ашырып, чөнтөгүбүздөн акча чыгарып, жону жука үй-бүлөлөргө, жетимдерге, майыптарга, батирде жашаган жана жумушсуз калган балдарга жардам берип жатабыз. Алдыда дагы толгон-токой иштер бар. Бул үчүн биздин Фондго инвестиция таап, ойлогон ой-максаттарыбызды ишке ашырабыз деп үмүт артып турабыз.

Жергиликтүү кеңештин депутаты катары жакшы билем: мурда кеңештин сессиялары ар кайсы жерде, айыл өкмөтүнүн бош бөлмөлөрүндө, же Маданият үйүнүн жыйын залында өтчү. Жылуулук системасы иштебегендиктен кышында бул жер сөөктөн өткөн суук болчу. Ошондуктан кеңештин сессиялары дайыма эле талаптагыдай деңгээлде өтпөстөн, кээде чийки чечимдерди кабыл алгандан кийин канааттанбагандай сезим кала берчү. Эми болсо депутаттар да Маданият үйүндөгү жаңыланган бөлмөнү колдонуп жатышат: ыңгайлуу шартта күнүмдүк маселелерди талкуулап, стратегиялык тапшырмаларды аткарып, чекесинен чечип келатабыз. Мындан тышкары айыл өкмөтү бул жерде түрдүү донордук эл аралык уюмдардын алкагында тренингдерди жана семинарларды өткөрүп турат.

ЖД Конкурсуна катышып, байгеге ээ болгонубуз бизди шыктандырып, кийинки кадамдарды таштоого түрттү. "Ихляс" фондун түзүү менен, биз расмий деңгээлде ЖӨБ органдары менен чогуу биздин коомдун көйгөйлөрүн чечүүнүн үстүнөн иш алып баруудабыз".









# Мурдагы таштанды төкчү жай, азыркы элеттик сейил бак турмуштук энергиянын булагына айланды



***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

**Нарын облусунун Нарын районундагы Миң-Булак АА**

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖД Конкурсунда 2018-жылы Миң-Булак айылдык аймагынын тургундарынын демилгеси биринчи орунду ээлеген. "Таштанды төкчү жайдын ордуна эс алуу үчүн сейил бак" деп аталган жергиликтүү демилге 150 000 сом өлчөмүндө байгеге ээ болгон эле. Өтүнмөнүн автору – "Аракеттеги жарандар" демилгелүү тобу 2016-жылы түзүлгөн. Анын курамына айылдагы жашоочулардын ичинен жигердүү жана кайдыгер эмес 19 адам кирген. Демилгелүү топтун аракети менен 2017-жылдын жергиликтүү бюджетинин долбооруна аянты 20 сотик болгон участокту сейил бакка айландыруу ишин каржылап берүү сунушу киргизилген. Бул жерди буга чейин таштанды төкчү жай катары колдонуп келишкен. Ошентип, жыл ичинде мурдагы таштанды жайы адамдар эс алчу сейил бакка айланды. Бул үчүн жергиликтүү бюджеттен 110 000 сом бөлүнүп, бул акча аймактагы жерди тегиздеп, тегерек четин тосмолоп чыгууга сарпталды. Ошентип, жергиликтүү бюджеттин эсебинен аймак жашылдандырылып, карагайдын 70 көчөтү отургузулду. Демилгелүү топтун мүчөлөрү аймакты тазалап, көчөттөрдү отургузууга жардам беришти. Бул жергиликтүү демилгени конкурстук комиссия мыкты деп баалап, биринчи орунду ыйгарды. Байге катары алган 150 000 сомдун эсебинен демилгелүү топтун мүчөлөрү айыл өкмөтүнүн жардамы менен сейил бакта сегиз отургуч орнотуп, ар биринин жанында таштанды челектерин коюп чыгышты. Мындан тышкары чөп тегиздегич, суу үчүн насос, сууну бөлүштүргүүчү төрт системаны, араба, күрөктөрдү жана тырмоочторду, шлангдарды сатып алып, жарык берүүчү чырактар орнотулган сегиз металл устундар орнотулду. Ошентип, ойлогон план толугу менен ишке ашып, таштанды төкчү жай бардык шарттары бар эс алуу аймагына айланды.

Кымбат ЖУНУСОВА, жергиликтүү демилгенин лидери: "Мурда бул жер адамдарда терс эмоцияларды гана жаратчу. 40 жылдан бери бул жакка таштанды төгө бергендиктен айлана-тегеректи жагымсыз жыт аралап, баштыктар жана желим бөтөлкөлөр туш тарапта жатчу. Башында адамдар сейил бак идеясына шектенүү менен мамиле жасап, "Муну кантип ишке ашырмак элеңер? Бул мүмкүн эмес да" деп ачык эле айтышчу. Бирок биз өз максатыбызга жеттик. Эл да шыктанып, бизге жана жергиликтүү бийликке ишеним артып, бул маселени чечүүгө салым кошкондорго ыраазычылыгын айтып бүтпөй жа-

тышат. Анткени биздин айылда буга чейин сквер же сейил бак, жада калса чакан аянтча да болгон эмес. Ал эми азыр таштанды төкчү жайдын ордуна 20 сотик муниципалдык жерде чыныгы парк пайда болду. Бүгүнкү күндө бул сейил бак Миң-Булак айылындагы 170 үй-бүлө үчүн эс алуучу жайга, маданий борборго айланды. Бул жерде Балдарды коргоо күнү, Нооруз, Жаңы жыл майрамдары өткөрүлүп турат. Майрам болгон сайын боз үйлөрдү тигип, адамдар улуттук тамак-аштарды жасашат, жергиликтүү жана сырттан келген эстрада жылдыздары концерт коюшат, улуттук конкурстар жана оюндар өткөрүлөт. Элеттиктер күн сайын бул сейил бакта балдары жана неберелери менен ары-бери басып, көңүл ачышат. Жаштар болсо бош убактысын бул жерде өткөрүп, түн оогончо жүрүшөт. Анткени бул бак кеч киргенде айылдагы эң жарык жерге айланат. Башка жактан келген конокторду да ушул жакка алып келебиз. Атүгүл көптөр куда-сөөктү да ушул жерден тосуп алышат.

Сейил бакты тазалап, карап туруш керек. Ошондуктан атайын кызматкер бөлүп берүү маселеси расмий деңгээлде чечилгенге чейин демилгелүү топтун мүчөлөрү кезектешип бул бакты карап турууну макулдаштык. Биз жыл сайын өзүбүз ремонт жасап, тегерек четин сырдап, актап, чөптөрдү отоп, жер семирткичтерди чачып, гүлдөрдү отургузуп, сугарып турабыз. Ал эми мал жайылып, чөптү тебелеп кетпеши үчүн бакты кайтаруу милдетин мен өзүмө алгам. Анткени жакын жерде жашайм жана мага жолдошум, балдарым жардам беришет”.

Долбоор ийгиликтүү ишке ашырылгандан кийин элеттиктер айылдын өнүгүүсүнө дагы кандай салым кошо алаары тууралуу ойлоно башташты. Алар демилге көтөрүп, түрдүү көйгөйлөрдү чечип келатышат. Мисалы, таза суу тартыштыгы өңдүү маселени чечүү боюнча жаңы демилгелүү топ түзүлдү. Кымбат ЖУНУСОВА башында турган “Аракеттеги жарандар” демилгелүү тобунун мүчөлөрү жаңы түзүлгөн топко кошулуп, көчөлөрдү жарыктандыруу маселесин чогуу чечмей болушту. Алар бюджет боюнча коомдук угууда сунуштарын берип, элеттиктердин колдоосуна ээ болушту. Ошентип 2020-жылы айыл өкмөтү бул маселени чечүүгө бел байлады. Ушул тапта 40 устун, зымдар жана чырактар сатып алынды. Пандемия бүткөндөн кийин булардын баарын орнотуп чыгышмакчы. Бирок жашоочулар азыртадан эле бул иштерге жардам берүү ниетин билдирип жатышат. Ал эми ыктыярчылар жумушчуларды ысык тамак менен камсыз кыларын айтышты.

Кымбат ЖУНУСОВА: “Айыл өкмөтү аймактын бардык көйгөйлөрүн жалгыз чече албайт, эл да өз демилгелери менен жардам бериши керек. Бул үчүн жөн гана кандай көйгөй бар экенин айтып тим болбостон, бул маселелерди чечүү боюнча конструктивдүү сунуштарын берүүгө тийиш. Алдыда биздин топтун чоң пландары бар: 1) балдар аянтчасын куруп, селкинчектерди, каруселдерди, дөбөлөрдү орнотуп, ролик тепчү жерди даярдап,



таманташ тизип чыгабыз; 2) спорт аянтчасын куруп беребиз. Бул жерде жаштар гана эмес, улгайган адамдар да дене тарбия көнүгүүлөрүн жасашы үчүн машыктыргычтарды коюп беребиз.

ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун ЖД Конкурсундагы жеңиш бизге акчадан да баалуу нерсени тартуулады: кармалап, сезе албасак да айланабыздагы дүйнөнү өзгөртүүгө жөндөмдүү болгонубузга ишендик. Бул ишеним дүйнө тааныбызды түптамырынан бери өзгөртүп, айлана-чөйрөдөгү бардык нерсеге да башкача мамиле жасап калдык. Бул жеңиш бизге жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачты, адамдар менен жергиликтүү бийликти бириктирди, кийинки кадамды таштоого шыктандырды, бардык жашоочуларды ойготуп, кыймылга түрттү. Байгеге алган акчага элге пайда алып келчү буюмдарды сатып алдык. Учурда сейил бак гүлдөп, бир айылдын гана эмес, жалпы аймактын жашоочулары жакшы көргөн жерге айланды. Ошондой эле бул сейил бак кошуналар үчүн үлгү болуп калды”.

Парк, сквер же бакча өңдүү жерлер – бул энергетикалык жана эстетикалык жактан абдан күчтүү болуп саналат. Бул жерде адам күч-кубат топтоп, ден соолугун бекемдеп, руханий тең салмактуулукка ээ болот. Жашоодогу энергиянын эң маанилүү булагы – бул табият менен байланышта болуу. Бул байланыш адамга эмоционалдык жактан ашыкча жүктөн арылып, дене боюн сергитип, эң негизгиси – күч-кубат топтоп алууга мүмкүнчүлүк берет. Адамдар жашаган чөйрөдө мына ушундай жерлер канчалык көп болсо, айыл жана шаар тургундарынын физикалык жана психикалык саламаттыгы да ошончолук бекем болот. Ушундан улам сейил бак аймактын жашоочулары жакшы көргөн жерге айланды”.

# Жергиликтүү демилге ЖӨБ органы менен жамааттын мамилесин өзгөртүүдө: тирешүүдөн кызматташууга карай жол




***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

**Ош облусунун Алай районундагы Бүлөлү АА**

"Жашоочуларды таза суу менен камсыздоо" аттуу жергиликтүү демилге 2018-жылы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖД Конкурсунда экинчи орунду ээлеп, 100 000 сом өлчөмүндө байгеге ээ болгон. Тоонун боюнда орун алган, дотацияда турган чакан муниципалитет үчүн масштабдуу, кызыктуу жана натыйжалуу демилге болду. Натыйжасын ушундан билсеңиз болот – долбоорду ишке ашырган эл андан ары кызыгып кетип, башка демилгелерди да көтөрүп чыкты. Ошентип аймактагы бир нече артыкчылыктуу маселе да чечилди.

62 түтүн – 275 адам жашаган Кол-Чаты айылында таза суу көп жылдардан бери курч маселе болчу. Жамааттын муктаждыктарын чогуу аныктагандан кийин ЖӨБ органы чогулушта жашоочулар менен бирге маанилүү чечим кабыл алды: таза суу менен камсыз кылуу үчүн ар бир үй-бүлө 1000 сомдон чыгарышы керек. Ошентип, жалпысынан 62 000 сом чогулду. Ашар жолу менен узундугу 4,2 км болгон чуңкур казылып, жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн акчага курулуш материалдары сатып алынып, жаңы суу куурлары төшөлдү. Ошентип кыска мөөнөттүн ичинде 300гө жакын адам таза суу менен камсыз болду.

Байге катары берилген 100 000 сомго айыл өкмөтү документтерди сактай турган эки чоң жана эки кичинекей шкаф, жыйын залы үчүн чоң стол, 12 отургуч, кабылдамага жумушчу стол жана отургуч сатып алды. Бул эмеректерди айыл өкмөтүнүн жаңы имаратына киргизишти. Ошентип дагы бир маанилүү маселе чечилди: АӨ кызматкерлери жана айылдык кеңештин депутаттары үчүн жумуш шарттары түзүлдү.

Бермет ТОКТОСУНОВА, жергиликтүү демилгенин лидери, айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы: "Азыр айыл өкмөтүнүн бардык жыйындары жана чогулуштары, кеңештин сессиялары, чогулуштар жана коомдук угуулар өңдүү иш-чаралар ыңгайлуу шартта өтүп калды. Бардык каалоочулар жыйын залына бата тургандай болду. Мурда мындайды элестете да алчу эмеспиз. Анткени ЖӨБ органында мындай мүмкүнчүлүк болгон эмес, айыл өкмөтүнүн

кызматкерлери тар, эски жана суук бөлмөдө иштечү. Бардык коомдук иш-чаралар мектепте өтүп келген. Жаңы имарат курулуп, буга кошумча ЖД Конкурсунда жеңүүчү болгонубузга жетине албай турабыз. Азыр эми жакшы шарттар түзүлдү, имаратыбызга эмерек толуп, документтерди сактоо үчүн орун табылып, атүгүл ашканабызга да жаңы эмерек киргизилди. Иш үчүн сонун шарттар түзүлдү. Биз жумушка да башкача мамиле жасап калдык. Бизде шыктануу, кызыгуу пайда болуп, кызматкерлер мурдагыдан да көп жумуштарды жасап жатат. Бизге келгендер үчүн да жакшы шарттар түзүлдү, кезек күткөндөр жок, ЖӨБ органы элге өз убагында жана сапаттуу кызмат көрсөткөндүктөн ачууланган адамдар да болбойт".

Алгачкы ийгиликтүү демилгеден кийин жергиликтүү жамаат да көбүрөөк кызыга баштады. Адамдар өз көчөсүнүн, айылынын же жалпы аймактын чегинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жаңы идеяларды көтөрүп чыгышты: көчөлөрдү жарыктандыруу жана көпүрөнү толугу менен оңдоо өңдүү айылдын курч көйгөйлөрү чечилди. Бир айылда көчөлөрдү жарыктандыруу үчүн жергиликтүү өнүктүрүү фондунан 63 000 сом бөлүнүп берилсе, дагы бир айылда жергиликтүү ишкер 60 000 сом берди, ал эми жергиликтүү бюджеттен 170 000 сом бөлүндү. Мына ушинтип отуруп аймактагы беш айылда чирип кеткен жыгач устундар бетондон жасалгандарга алмаштырылып, "кобра" түрүндөгү чырактар орнотулуп, узундугу 5 км болгон жаңы зымдар өткөрүлдү. Ошентип көчөлөрдү жарыктандыруу көйгөйү кыска мөөнөттө





чечилди. Анткени бул жергиликтүү демилгени бардыгы туш тараптан колдоп беришти. Эң негизгиси – эл бул демилгени өзү көтөрүп чыгып, жергиликтүү өнүктүрүү фондунан акча бөлүп берүү үчүн бир добуштан чечим кабыл алышты. Бул иште ЖӨБ органы жана жергиликтүү ишкер чоң колдоо көрсөттү.

Экинчи жергиликтүү демилгенин алкагында аймактагы эки айылды бириктирип турган жалгыз көпүрө толугу менен оңдолду. Бул маселени чечүү үчүн тышкы инвестициялар тартылып, жергиликтүү бюджеттен 60 000 сом бөлүндү. Ал эми Өзгөчө кырдаалдар министрлиги 25 000 сомго күйүүчү май берсе, АРИС долбоору курулуш материалдарын сатып алууга 17 000 сом бөлдү. Ар бир айыл 10-15 адамды жиберип, он күндүн ичинде ашар жолу менен көпүрө толук оңдолду. Элдин эмгек салымы 75 000 сомго бааланууда. Натыйжада эки айылдын эли бир кыйла жеңилдей түштү. Анткени көптөн бери күткөн көпүрө айылдарды бириктирип турган жалгыз жол болчу. Бул демилгенин арты менен ары-бери каттагандардын түйшүгү жеңилдеп, бул жагдай адамдардын маанайына, албетте, жергиликтүү экономиканын өнүгүүсүнө да оң таасирин тийгизди.

Бермет ТОКТОСУНОВА: "Жергиликтүү демилгелер сөзсүз керек. Алардын жардамы менен адамдар маанилүү нерсени түшүнө алышат: бийликке наразы болуп отура бергенден пайда чыкпайт. Айылдын өнүгүүсү үчүн, жашоо шартын оңдоо үчүн ар бир адам салым кошууга тийиш. ЖӨБ органы эл менен тыгыз иш алып барганда ортодо түшүнүү пайда болот. ЖӨБ органынын иши да ачык-айкын болсо, эл да жакшы баасын берип, колдоо көрсөтө баштайт. Жергиликтүү демилгелерди чогуу ишке ашыргандан кийин нааразычылыктар, даттануулар жана жаңжалдар да токтоду. Ал эми көп адамдар айыл өкмөтүнүн иши канчалык кыйын болгонун билбей жүргүшкөнүн мойнуна алды. Кайсы бир маселени биз менен, бир айыл, бир аймак болуп чечкенде, жергиликтүү жамаат кызыгып, моралдык жана материалдык жактан колдоо көрсөткөндө ЖӨБ органы алдыга коюлган максаттарга оңой жетет".

# Кичинекей демилге эбегейсиз чоң паркка айланды



***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

**Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Жаңы-Талап АА**

Жаңы-Талап айылдык аймагынын "Таштанды төкчү жайдын ордуна эс алуу үчүн сейил бак" аттуу демилгеси 2018-жылы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖД Конкурсунда үчүнчү орунду ээлеген. Жергиликтүү калктын бул демилгеси 50 000 сом өлчөмүндө байгеге ээ болгон. Конкурстук комиссия мүчөлөрүнүн баамында, демилге масштабы, жергиликтүү жамааттын катышуусу менен, артыкчылыктуу көйгөйдү чечүү үчүн көп каражатты тарта алганы менен башкалардан бир топ айырмаланды. Жаңы-Талап айылынын жашоочулары кирген демилгелүү топ балдар паркын куруу маселесин көтөрүп чыккан. Бул үчүн активисттер чогулуш өткөрүп, өз планын негиздеп беришкен. Натыйжада марафон аркылуу 500 000 сомдон ашык акча чогулду. ЖӨБ органы айылдын борборунда 0,15 гектар муниципалдык жерди бөлүп берген. Адегенде парктын тегерек четин тосмолоп, жерди тегиздеп, төрт чатырча орнотуп, жарык өткөрүп, отургучтарды коюп чыгышты. Бардык жумуштар ашар жолу менен жасалды: 20 адам эки ай бою баш көтөрбөй иштеди. Жаңы паркка белгилүү балдар жазуучусу Шүкүрбек БЕЙШЕНАЛИЕВдин ысымы берилди.

Байге катары берилген 50 000 сомду демилгелүү топтун мүчөлөрү жана айылдын жаштары парктын ичинде балдар аянтчасын курууга жумшады: адегенде жерди тегиздеп, майда кум төгүп чыгып, андан кийин турник, эки селкинчек жана дөбө орнотуп беришти. Курулуш иштери бүтөөрү менен элеттиктер паркка үй-бүлөсү менен келип, бош убактысын ошол жерде өткөрө баштады. Балдар болсо кышжай дебей аянтчада чер жазат. Жада калса кычыраган кышта да үйгө кирбей, ошол жерде ойной беришет. Элеттиктер кечки убактысын ушул паркта өткөрүп калышты. Жазында демөөрчүлөр чыгып, газонго чөп өстүрүп, сегиз Тянь-Шань карагайын, он сирень дарагын, ар кандай сорттогу гүлдөрдү отургузуп беришти.

Китепкананын жана маданият бөлүмүнүн төрт кызматкери жыл бою кезектешип паркты акысыз карашат, алар сугарып, тегерек четин тазалап турушат. Жергиликтүү бюджеттен күнүмдүк муктаж-



дыктарга – шланг, чака, күрөк, тырмооч, кран ж.б. сатып алууга акча бөлүнгөн. Мындан тышкары паркта тротуар куруу үчүн 2020-жылга жергиликтүү бюджетте 100 000 сом көлөмүндө акча каралды.

Бул долбоорду ишке ашыргандан кийин адамдар да жигердүү болуп, башка демилгелерди көтөрүп чыга баштады. Мисалы, элеттик жаштар спортту өнүктүрүү маселесин козгоп, кароосуз калган мончонун имаратын спорт залга айландырууну сунуш кылышты. Айыл өкмөтүнөн уруксат алгандан кийин жаштар акча чогултуп, курулуш материалдарын сатып алып, өз күчү менен имаратты толук оңдоп чыгышты. ЖӨБ органы жаштардын ынтызарлыгын байкап, жергиликтүү бюджеттен 150 000 сом бөлүп берди. Бул акча жылытуу системасын орнотууга, эки жуунучу кабина, үч тонна көмүр сатып алууга жумшалды. Айылда кесипкөй машыктыруучулар да чыгып, азырынча акысыз эле иштеп берүүгө көнүштү. Учурда спорт залда 5 жаштан 14 жашка чейинки курактагы 80 бала машыгууда.

Кенжебай БЕЙШЕНКУЛОВ, жергиликтүү демилгенин лидери: “Менин алты жаштагы уулум да күрөш секциясына катышат. Бул мага абдан жагууда. Себеби ал чыргоолонбой калды, окууга да, спортко да олуттуу мамиле жасайт. Айылдагы жаштар да жакшы жагына өзгөрдү, сабактан кийин эле спорт залга жетип барышат. Мурдагыдай максатсыз көчөдө тентип жүргөндөр жок. Спорт өсүп келаткан муунга катуу таасир тийгизет экен. Ошондуктан ата-энелер демилге көтөрүп, машыктыруучулардын эмгек акысын төлөп берүүнү чечишти. Ар бир балага айына 200 сомдон төлөп бермей болушту. Азыр спорт залды райондук спорт комитетинин карамагына өткөрүү процесси жүрүп жатат. Бир машыктыруучу үчүн штаттык бирдик ачып, республикалык бюджеттен расмий эмгек акы төлөп берүү пландалууда. Ошондой эле райондук спорт комитети машыктыруучулардын эки жардамчысына айлык төлөп бергени жатат”.

Бирок муну менен жергиликтүү демилгелер токтоп калган жери жок. Долбоордун натыйжасын көргөн эл башка идеяларды да сунуш кыла баштады. Мисалы, айылдын четиндеги дарыянын нугун бекемдөө сунушталды. Анткени суу жээктен чыгып, бир кыйла жер участокторун жеп кетүүдө. Демилгечилер айыл өкмөтүнө кайрылып, ЖӨБ органы менен биргелешип, дарыянын боюнда аянты бир гектар болгон парк курууну чечишти. Айыл өкмөтү токой чарбачылыгына өтүнмө жибергенде алар иш канчалык маанилүү болгонун баамдап, ар кандай түрдөгү 1000 көчөт бөлүп берди. Ашар жолу менен элеттиктер, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, айылдык кеңештин депутаттары көчөттөрдү отургузуп, жер семирткичтерди чачып чыгышты. Жумуш процессинде парктын аймагын дагы эки гектарга кеңейтүү тууралуу чечим кабыл алганда токой чарбачылыгы кошумча 2000 көчөт бөлүп берди. Ал эми Өзгөчө кырдаалдар министрлиги парктын тегерегин тосмолоп чыгуу үчүн темир зым менен камсыз кылды. Аягы көрүнбөгөн бул иште адамдарга дем берүү максатында айыл өкмөтү БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасына колдоо сурап кайрылганда, бул уюм техникалык жардам катары ун жана май бөлүп берди. Натыйжада элеттиктер бир нече күндүн аралыгында 2000 көчөт отургузуп, парктын айланасын тосмолоп чыгышты.

БЕЙШЕНКУЛОВ Кенжебай: “Биз бул парк мынчалык чоң сейил бакка айланат деп ойлогон эмеспиз. Өлкөбүздөгү бир да шаарда мындай чоң парк жок. Иш жүзүндө биз дарыянын боюн бекемдеп, жерди сактап калгандан тышкары, келечекте эң чоң элеттик парктын бирине айланчу сейил бакты да кура алдык. Бул жерде жашоочулар эс алып, бош убактысын көңүлдүү өткөрө алышат. Бара-бара бул жерди көрктөндүрүп, адамдар ары-бери басып жүрүшү үчүн тротуар куруп беребиз, отургучтарды коюп, жарык өткөрөбүз. Азырынча көчөттөр өсүп чыга элек. Паркты акысыз эле карап жатабыз. Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана айылдын активисттери кезектешип паркты тазалап, сугарып жатат. Бирок келечекте сөзсүз штаттык бирдик ачыш керек. Анткени парктын аймагы өтө эле чоң. Кийинки жылы муниципалдык ишкана ачууну пландап жатабыз. Бул ишкана турак жай-коммуналдык чарба маселелери менен алектенмекчи. Бул үчүн бизде трактор жана экскаватор бар. Таштанды жыйнап, чыгаруу, ичүүчү жана сугат суу менен камсыз кылуу маселелеринен тышкары, ишкананын кызматкерлери биздин чоң сейил багыбызды тейлейт.

Жергиликтүү демилгелер бизге эмне берди? Элге алдыга умтулуу үчүн түрткү болуп берди, шыктандырып, мотивация болуп берди. Демилгелер жергиликтүү жамаатты ордунан козгой алды. Адамдар туш тарапка басып кетпей, сырттан жардам күтүп, алакан жайып отура бербей, айылдын көйгөйлөрү тууралуу айтып чыккандан тышкары, ЖӨБ органдары менен чогуу чечиш керектигин түшүнүштү. Жергиликтүү демилгелердин жардамы менен бизде муниципалдык объекттер пайда болууда. Мындай объекттер канчалык көп болсо, элеттиктердин жашоосу да ошончолук тездик менен оңолот деп ойлойм”.

# Адамдар жергиликтүү демилгелерге ишеним артып, айылдын көйгөйлөрүн ЖӨБ органы менен чогуу чечкенди үйрөнүштү



***Гуляим ШАМШИДИНОВА,***
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

**Ош облусунун Кара-Суу районунун Шарк АА**

2018-жылы Шарк айылдык аймагы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун ЖД Конкурсуна төрт өтүнмө жиберген. Алардын ичинен "Үй-бүлө, мектеп жана коом" деп аталган жергиликтүү демилге суурулуп чыгып, Жаңы-Талап айылдык аймагынын демилгеси менен катар үчүнчү орунду ээлеген. Бул долбоор 50 000 сом өлчөмүндө байгеге ээ болду.

Элдин демилгеси менен мектептеги жыйындар залынын маселеси чечилди. Активисттер марафон өткөрүп, олуттуу суммада акча топтой алышты: жергиликтүү ишкерлер курулуш материалдарын сатып алууга 254 000 сом бөлүп берсе, жергиликтүү эмерекчилер 150 000 сомдук отургучтарды жасап беришти. Ал эми тигүүчү цех 36 000 сомдук терезе пардаларын тигип берди. Айылдын жаштары ремонт иштерин өз мойнуна алып, кара күч түрүндө салым кошту. Натыйжада мурда спорт зал катары колдонулган бөлмө заманбап, ыңгайлуу, жакшы жабдылган жыйын залына айланды. Бүгүнкү күндө бул жерде мектептеги иш-чаралардан тышкары, айылдык аймактын бардык коомдук иш-чаралары – чогулуштар, жыйындар, коомдук угуулар жана курултайлар өткөрүлүп турат.

Байге катары берилген 50 000 сомду демилгенин лидерлери Падаван айылындагы мектеп үчүн көп функционалдуу жабдууну жана спорт шаймандарын (палас, секунда эсептегич, баскетбол, волейбол жана футбол топторун, секирме, жарышуу үчүн жабдуулардын комплектин) сатып беришти. Мурда мектепте эски көчүрүп басуучу аппаратты колдонушчу. Бул аппарат бир гана функцияны аткарып, тез-тез бузулуп, мектептин муктаждыктарын канааттандырчу эмес. Азыр болсо жаңы аппарат 68 мугалимге жана мектептин кызматкерлерине чоң пайда алып келүүдө. Бул мектепте 1033 бала окуйт. Жаңы аппараттын жардамы менен баары керектүү материалдарды басып чыгарып, сканерден өткөрүп жатышат. Кызматкерлер буйруктарды, сабактын пландарын, жарыяларды, тесттерди, документтерди тынбай басып чыгарууда. Бул аппа-



рат мугалимдердин түйшүгүн жеңилдетип, документ иштерин азайтты. Анткени мурда мугалимдер убактысын да, акчасын да коротуп, документтерди көчөдөн басып чыгарууга мажбур болчу. Жаңы спорт шаймандары мектепке дем бергендей болду. Окуучуларда дене тарбия сабагына болгон кызыгуу пайда болду. Мурда мынчалык көп түрдөгү шаймандар болгон эмес, жада калса жарылып кеткен топторду алмаштырганга эле бир нече апта кетчү. Жарышка түшүү үчүн зарыл болгон жабдуулардын комплекти дене тарбия сабактарын ого бетер кызыктуу кылды. Башталгыч класстардын мугалимдери кызыктуу спорттук таймаштарды өткөрүп, ага окуучулар да, ата-энелер да катышып жатышат. Дене тарбия мугалиминин эмгеги да жемиштүү болуп, балдарга ар кандай көнүгүүлөрдү жасатууда. Балдар да сабактардан качпай калышты, өзгөчө дене тарбиясы сабагына бардык окуучулар катышат. Элеттик мектеп үчүн 50 000 сом – бул чоң акча. Бул каражатты мектептин администрациясы айыл үчүн маанилүү болгон маселелерди чечүүгө жумшады. Окуу жайдын ичиндеги оң өзгөрүүлөрдөн тышкары, мектеп менен жергиликтүү жамааттын байланышы чыңдалды, ата-энелер комитетинин жоопкерчилиги артты, ЖӨБ органы менен байланыш да бекемделди.

Розупаша ЮСУПОВА, жергиликтүү демилгенин лидери, меугалим: “2017-жылга чейин элеттиктер “жергиликтүү демилге” деген эмне экенин, жергиликтүү маанидеги маселелер кайсылар болгонун, “жергиликтүү бюджет” деген эмне экенин жана



жергиликтүү жамааттын Уставы кандай пайда алып келерин билчү эмес. Эми бизде демилгелүү топтор, биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору пайда болуп, көпчүлүк тургундар бюджет боюнча коомдук угуулар, курултайлар менен жакындан таанышa алышты. Мурда чогулуштарга “дүжүр активисттер” эле катышчу. Ал эми азыр болсо бардык каалоочулар келет, айылда кулактандыруу үчүн атайын жерлер да пайда болду. Бул жерден элеттиктер жасалган иштер жана келечекке пландар тууралуу болгон маалыматтар илинет. Адамдар жергиликтүү бийликке ишеним артканды үйрөндү, жергиликтүү демилгелердин күчүнө ишеништи, ЖӨБ органы менен чогуу айылдын көйгөйлөрүн чогуу чечип жатышат. ЖӨБ органы да эл менен иш алып баруунун формасын өзгөрттү. Буга жооп катары элеттиктер жергиликтүү демилгелерди көтөрүп, активдүүлүгүн көрсөтүп жатат. Айталы, жергиликтүү демилгелер аркылуу ичүүчү суу маселеси 90 пайызга чечилди, алты айылдын бешөөндө ички жолдор оңдолду, алты айылда тең көчөлөр жарыктандырылды. Ал эми Маданият айылында жаштардын демилгеси менен 12 коомдук аялдама курулду. Бул үчүн мектептин бүтүрүүчүлөрү 100 000 сом бөлүп берип, өздөрү да курулуш иштерине катышкан эле. Бардык айылдарда жаштар арасында бейбаштык, тартип бузуу көрүнүштөрү тыйылып, көпчүлүк мектептерде рэкетчилик көйгөйү чечилди.

Азыр жаштар ишемби сайын чайканада чогулуп, айылдагы көйгөйлөрдү талкуулап турушат. Жаштар атайын кутуга 50 сомдон ташташат. Ошондуктан бул кутуда дайыма акча бар. Зарыл болгон учурда бул акчаны өтө чукул маселелерди чечүү үчүн, мисалы, көчөдө жарык өчүп калса, лампа же зым сатып алуу үчүн жумшашат. Көрсө, биздин жарандар абдан эле чапчаң экен. Мисалы, айылдардын бириндеги негизги көчөнү оңдоого эл миллион сомдон ашык акча чогултту, жергиликтүү бюджеттен эки миллион бөлүндү. Натыйжада узундугу эки километрге жеткен жолго асфальт төшөлдү. Бир айылдагы жүз түтүндү ар бирине таза суу жеткирүү үчүн жашоочулар өздөрү чуңкур казып, кызматкерлерди түшкү тамак менен камсыз кылып беришти. Ал эми жергиликтүү бюджеттен үч миллион сом бөлүнүп, айыл өкмөтү инженер адистер жана атайын техника менен камсыздады.

Пландар тууралуу айта турган болсок, жакында эле жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктап чыккан элек. Ошондо жаңы конуш артыкчылыктуу маселе деп табылган. Биздин айыл кеңейип бараткандыктан мында жашагандардын саны да көбөйүп, жаңы көчөлөр пайда болууда. Мындан улам айрым жерлерде ичүүчү суу, жол, жарык менен камсыздоо маселелери чечиле элек, клубдар жана электрондук китепканалар зарыл болуп турат. ЖӨБ органы бул маселелерди чечүү үчүн аларды бюджетке киргизди. Ал эми жаңы конуштардын жашоочулары кара күчүн да, акчасын да жумшап, бул көйгөйлөрдү чечүүгө салым кошкусу келет”.